www.bizdin.kg

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» сериясы

# Алп Тобоок
# Шабдан казалы
# Жети эрдин өлүмү

18

www.bizdin.kg

NATIONAL ACADEMY OF SCIENES
OF KYRGHYZ REPUBLIC

NATIONAL CENTRE OF MANAS STUDIES
AND ARTISTIC CULTURE

THE «MEERIM» INTERNATIONAL
CHARITABLE FOUNDATION FOR
SUPPORT OF CHILDHOOD AND MATERNITY

# THE GREAT TOBOK
# A POEM ON SHABDAN
# TNE DEATH OF SEVEN HEROES

THE 18-TH VOLUME OF
«FOLK LITERATURE» SERIES

РЕДКОЛЛЕГИЯ:

АЙТМАТОВ Ч. Т. — башкы редактор
АКАЕВА М. Д.
АКМАТАЛИЕВ А. А. — башкы редактордун орун басары
БОЛЖУРОВА И. С.
ЖАЙНАКОВА А. Ж.
КАКЕЕВ А. Ч.
КАРЫПКУЛОВ А. К.
КЕБЕКОВА Б. К.
КЫРБАШЕВ К. К.
МУСАЕВ С. М.
ШАРШЕНАЛИЕВ Ө. Д.

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

ЭЛ АРАЛЫК «МЭЭРИМ» КАЙРЫМДУУЛУК
ФОНДУСУ

# АЛП ТОБООК
# ШАБДАН КАЗАЛЫ
# ЖЕТИ ЭРДИН ӨЛҮМҮ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫНЫН
18-ТОМУ

КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору, профессор
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Баш сөздөрүн жазган А. АКМАТАЛИЕВ

Түзгөндөр: А. АКМАТАЛИЕВ,
К. КЫРБАШЕВ,
Н. ӨМҮРЗАКОВА

Бишкек — 2002
«Шам» басмасы

www.bizdin.kg

ББК 82.3 (2Ки)
А—51

«Эл адабияты» сериясы

А—51 **Алп Тобоок, Шабдан казалы, Жети эрдин өлүмү**/А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Баш сөзүндөрүн жаз. А. Акматалиев. Түз. А. Акматалиев, К. Кырбашев, Н. Өмүрзакова; Кырг. Улут. И. А. ж. б. — Б.: «Шам», 2002.— 280 б.— («Эл адабияты» сериясы).

ISBN 9967-10-075-3

Бул китепте тарыхый адамдардын оозеки
чыгармачылыктагы образдары кеңири чагылдырылган.
Жыйнак жалпы окурмандарга арналат.

*Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын Улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.*

Р е ц е н з ен т: филология илимдеринин
кандидаты С. МУСАЕВ

$\text{А}\ \frac{4702300500}{\text{М}\ 455(11)-2002} - 2002$ ББК 82.3 (2Ки)

© Манастаануу жана көркөм маданияттын
улуттук борбору.
© Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук
фондусу.
ISBN 9967-10-075-3
© «Шам» басмасы, 2002

www.bizdin.kg

# ШАБДАН КӨРКӨМ МУРАСТА

«Баатыр» деген сөз кылыч чаап, найза сайып жүргөн тарыхый инсандарга гана эмес, эл ичиндеги кадыр-барктуу, март, жоомарт, акылдуу, адилет, боорукер, айкөл, кең пейил, чечкиндүү мүнөздүү адамдарга карата да кеңири колдонулат. Мына ушул сапаттардын көбү кездешкен, бүгүнкү күндө легендага айланып кеткен тарыхый инсандардын бири — Шабдан Жантай уулу. Анын кыргыз элинин коомдук-саясий өнүгүшүнө, ар түрдүү элдердин карым-катнашынын чыңалуусуна зор салым кошкон дипломат, саясатчы, коомдук ишмердиги тарыхчылар тарабынан тастыкталып келүүдө. Бирок ар бир инсанды тарыхый доордон бөлүп карашып, мүчүлүштөрүн көрсөткөн көз караштар жок эмес. Андай учурда көпчүлүк кыргыз элинин белсемдүү инсандары — бай, манап, бий, болуш, керек болсо саткынчы, чыккынчы болуп чыга келишет. Албетте, алардын кемчиликтери, терс, зыяндуу жактары да болгондугун жашыра албайбыз. Ошондой карама-каршылыктуу, полемикалык пикирлерди туудурган — Шабдан. Ал орус падышачылыгына кызмат кылып, кыргыз жерин басып берүүгө чоң жардам берген дешсе бирөө, орустар ансыз деле басып алышмак, ал кыргыз элин тыптыйпыл кыйроодон сактап калган дешет экинчиси. Бул ойлордун түбүнө жетүү үчүн ар бир окурман тарых барактарына объективдүү жана аргументтүү назар салуусу керек. Тарыхтын актай барактары жаңыдан гана толтурулуп жатканда объектиге этияттык менен мамиле кылуу зарыл.

Башка тарыхый инсандарга караганда Шабдандын образы көркөм адабияттын бардык жанрларында кездешет[1]. Мына ушунун өзү эле инсандын тарыхта алган орду өзгөчө экендигин билдирет, ал эми аны акын-жазуучулар кандайча чагылдыргандыгы башка маселе. Анткени, образдын оң же терс, ийгилиги же кемчилиги болушу мүмкүн.

Акындар поэзиясына келсек, кыргыз-казактын өткөн кылымдагы залкарлары Калмурза, Солтобай, Эсперген ж. б. чыгармачылыктарынан алгач Шабдандын образдык портрети тартылат. Төкмө акындар аны менен аралашып жүргөн замандаштар болгондуктан көбүнчө бет маңдайында жүз көрүшүп ырдашкан. Колдо бар материалдар боюнча алгач ырдагандардын бири сокур казак Эсперген:

Баатыр Шабдан аманбы,
Кудайым сүйүп кез келгем.
Кудайым сүйгөн адамга
Эки чырак көз берген —

деп аябай мактап батасын бериптир. Ал эми казак акыны менен чогуу кирген, элде кара жаак аталган Калмурза:

Баатыр Шабдан аманбы?
Баарына айтам саламды.
Казактан келген ырчынын,

[1] Залкар акындар. — Бишкек: Шам. — 1997; Кыргыз эл ырчылары. — Бишкек: 1994; Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы. — Бишкек. — 1993; Бейшеналиев Ш. Болот калем. — Фрунзе: 1983, — 2-том; Жамбыл. Тандалмалар. — Алматы: — Гылым. — 1996. — 1-тому; Айтматов Ч., Шаханов М. Плач охотника над пропастью. — Алма-Ата: — Рауан. — 1996; Сагымбайдын кошогу; Шайбеков Ы. Шабдан баатыр кошогу; Байтемиров Н. Шабдан; Осмонаалы Сыдык уулу. Кыргыз, Шабдан тарыхы; Токтомушев А. Калк оозунда кан Шабдан//Китепте: Шабдан баатыр. — Вишкек: Учкун. — 1992; Жаканов И. Кер толгоо. — Фрунзе: Адабият, Тыныстанов К. Адабий чыгармалар. — Бишкек: Адабият. — 1991; Рыскулов С. Шамен. — Бишкек: Турар. — 1998 ж. б.

Артында мен каламбы? —

деп келип түбү сарбагыш экендигин, карта оюнунан беш жүз теңге уттуруп жибергенин, анын эл башкарып турганын, карыздан кутултпаса намысы түшүп каларын, көп той-тамашаларга катышып, сый көргөнүн, амалы кетип турганда жолукканын узун сабак кылып төгүп айтат.

Акындардын чыгармачылыгынан көрүнүп тургандай Шабданды мактоо менен үмүт кылып өлбөстүн күнүн көрүү, карызынан кутулуу болуп саналат. Жоомарттыгы, марттыгы калайык калкка билинген адамды сыноонун бир түрү болгонун жакшы түшүнгөндүктөн Эспергенге чапан жаап, ат мингизсе, Калмурзага беш жүз теңгесин төлөп берген.

Ушул окуядан кийин Шабдан Калмурзанын чыгармачылыгында мыйзамченемдүү бир топ чагылдыргандыгын байкайбыз. Чолпонбайдын ашындагы ыры акындын эл-жерине кетүү сагынычы менен байланышкан: «Журтумду деги көрөмбү, Же тентип жүрүп өлөмбү?» ... деген ички толгонуу саптарынын идеясы чыгарманын башынан аягына чейин терең маанидe орун алган. Акындын эмоциясы жогорку деңгээлге көтөрүлгөндүктөн Шабданды өтө апыртуу менен мактап салган.

Төбөбүзгө күн болгон,
Түн ичинде ай болгон,
Таянганга тоо болгон,
Жашынганга коо болгон,
Айткан сөзү баа болгон,
Баатыр Шабдан аманбы...

Мисалдын өзү айгинелеп тургандай Калмурзанын сүрөттөөсү боюнча Шабдандай адамды дүйнөнү төрт айлансаң да таппайсың! Каарманга жагалданып мындай ырдашынын себеби да жеке кызыкчылыктан келип чыккан, анткени анын бөтөн солто уруусунда жүрүп, сарбагыш элине көнө албай жүргөн болчу. Ырдын максаты жалаң эле Шабданды гана даңктоо эмес, өз башына түшкөн мүшкүлдү, арыз-муңду билдирүү эле.

Ал эми «Шабдандын ажыга жөнөгөндө ырдаганы», «Шабдандын ажыдан келгенде көрүшүп ырдаганы» чыгармалары да мурдагы традицияны улап, мактоо, даңктоо идеясына сугарылгандыгын көрөбүз. Чындап айтканда, Калмурза Шабдандын идеолог ырчысы катары кызмат кылган.

Калк — кара тал, Сиз — терек,
Калк кысылса — Сиз керек.

Акын кыргыз элинен чыккан аттуу-баштуу инсандарына токтолуп келип, бирөө да Шабданга тең келе албайт деген жыйынтыкка келет.

Аман барып, аман кел,
Ак боз бээни жүз сойсо,
Атын Шабдан жүз койсо,
Казак менен кыргыздан
Асты чыкпас сиздей эр.

Ажыдан кайткан Шабданды тосуп алуу көрүнүшү да мактоого толо ыр менен коштолот.

Акындын чыгармачылыгында субъективдүүлүк басымдуулук кылат, Шабдандын

жеке керт башына сыйынуу, бир беткейлик жактоо, анын үстүнө эпикалык баатырлардай обу жок эле «күн, айга» ж. б. теңештирип чагылдыруу өкүм сүрөт. Калмурзанын жаагын жанып Шабданды көкөлөтүп ырдап турганы — экөөнүн тең кадыр-баркын арттырып турган.

Дегеле Калмурзанын Шабданга арналган ырларында бири-биринен өзгөчө айырмаланган саптарды жолуктура албайбыз, бир эле ойду улам-улам айта берген кайталоолор жыш учурайт. Мактоонун өзү бир түрдүү болгондуктан чыгарманын мазмундары коёндой окшош болуп чыга келет. Эмнегедир акын Шабданды даап кемчилигин көрсөтө албайт, ал эми өзүнүн кемчиликтерин жашырып жаппай эле ачык сүрөттөйт. Эмне үчүн Шабдандын мүчүлүштөрүн ырдабаган?! Шабдан телегейи тегиз адамбы?! Акындын кошоматчылыгыбы?! ж. б. суроолор жаралат.

Уруулук карама-каршылык, көрө албастык, бийлик талашуунун кесепети акындардын чыгармачылыгына терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Акындар айласыздан бийлердин тукуруусу менен жамандап, кордоп ырдоого аргасыз болушкан. Шабдандын акын Солтобай тарабынан басмырланып ырдашынын мазмунун эл арасында тараган санжыраларда, оозеки адабиятта жана кол жазмалар фондусунда сакталган материалдарда негизинен бирдей. Ошондуктан, акындын ыры стилдик жактан гана айрым өзгөрүүлөргө учураганы менен көркөм адабияттарда пайдаланууда жалпысынан айырмачылыктардын жоктугун көрүүгө болот. Белгилүү жазуучу К. Осмоналиев «Көчмөндөр кагылышы» романында Солтобай акын катышкан эпизодду ачып берүүгө аракеттенип, анын ырларынан үзүндү алган. Албетте, ар бир ырдын чыгышына кандайдыр бир окуя түрткү болуусу белгилүү, анын үстүнө абройлуу Шабдандын элеси чагылдырылып жаткандан кийин тарыхый фактыга барып такалышы турган иш. Көркөм чыгармаларда, тарыхый материалдарда көрсөтүлгөндөй Шабдан менен Чынаалынын (Чыныбай) ортосундагы келишпестиктен улам эки уезддин тобун өткөрүү тууралуу сүйлөшүү болбой калып, Шабдандын ою ордунан чыкпай, аны караган эч ким болбой, ал турсун тамак-аштан кыйналышып, минип келген аттарын союп жешке мажбур болушат. Табасы канган Чынаалыдан коркуп, колунда байлыгы жок, короосунда малы жок ырчы баш тартса кандай жаза күтүп турганын билип нөшөрдөй төгүп жиберет:

Келдиң эле сен Шабдан,
Бадана кийип балпылдап,
Эми кайра кайттыңбы,
Байталга жетпей салпылдап!..

Энчи бөлүп бергендей,
Энеси бөлөк Тынайдын!
Эркелетип койгудай,
Эркеси белең кудайдын?

Акындын ыры башынан аягына чейин өтө терс мазмунду түзүп, кордоо жанрынын традициясында жаралган. Кыргыз адабиятынын тарыхында манапты кордоп ырдагандын да алгачкыларынан болуп саналат. Ыр багышталып жаткан адамды моралдык жактан руханий кыйроого алып барып таштайт: Ата-энеси, тууган-туушканы, жоро-жолдошторунан тартып тамак-ашы, мал-мүлкү ж. б. чейин бурмаланып кордолот. Алсак, мындай саптар оюбузду бекемдеп турат: «Бозоңдон башка ашың жок, Бозоңду төгүп салдыкпы», «Жылкы түгүл, итиң жок, Жылкыңды тийип алдыкпы». Атайылап каралоонун максаты факты, далилдер туура келеби, жокпу кеп мында эмес, кандай болгон күндө да

адамды эл, коом алдында сындыруу, кадыр-баркын төмөндөтүү. Эгерде кордолгон адамдын ар кандай шарттар менен кайра жооп берүүгө мүмкүнчүлүгү жоктугун сезген сайын акын ички дүйнөсүндө «кыйратып», «талкалап» салдым деген ойдо ого бетер агын суудай каптап кетет эмеспи! Ушул ырдан кийин Солтобайдын атак-даңкы «дүң» эле дей түшөт. Шабданга кордоо көрсөтүү эмес, каяша айтуунун өзү чоң эрдик болчу. Шабдандын көрөгөчтүгү менен гана эки уруу кагылышуу кыргындан аман калышат. Болбосо Баяке сыяктуу «бөрк ал десе, баш алган» жигиттери «көз ачып-жумганча» акынга, анын тукуруучуларына курал-жарак көтөрүүгө араң эле турушпады беле?! Анын үстүнө Ормондун куну тууралуу маселе чечиле элек болчу — айыкпаган жараат козголуп кетиши мүмкүн эле. Ошондуктан, Шабдан канчалык басырылганына, ички дүйнөсүндө караңгылык каптаганына карабай, эрдин тиштеп басып кетиши да түшүнгөн адамга зор жоопкерчиликти, милдетти жүрөгүндө туюп, акылында аңдап билиши эле. Акын Солтобайдын жана бийлеринин Шабдандын үстүнөн жеңиши катары пикирлер тараса да, а чындыгында бардык ызаны көтөрүү менен элдин канын агызбай сактап калган Шабдандын айкөлдүгүндө, кенендигинде болчу.

Шабдандын акылынын тууралыгын турмуш тарыхы далилдейт. Ошол эле Солтобай бир жылдан кийин Шабданды көргөндө жагалданып, кошоматтанып, жогорку ырынан «асман менен жердей» айырмаланган ырды чыгарат. Акындын бул ыры да чыгармаларда жана макалаларда мазмуну жагынан жалпылыкты түзүп турат. К. Осмоналиевдин романынан жана кол жазмаларда элден жыйналган материалдардан мисал келтирели.

«Көчмөндөр кагылышы» романында:

Оо, хан алдында көп жүрдүм,
Хандан кайрып жеп жүрдүм.
Башыңа келген заман бу,
Шабдан баатыр, аманбы?..
Көк-Ойрок менен Челекти,
Ак калпактуу кыргызда,
Таппадым сендей керекти!..

Жазуучу прозалык жанрдын мүмкүнчүлүгүнө жараша гана ырдан үзүндүлөрдү алып, образдардын ички дүйнөсүнө кирүүгө аракеттенип жатканын байкоого болот. Ырдагы курч, таамай саптар тарыхый инсандардын кебете-кешпирлерин тереңдетүүгө жол ачат. К. Осмоналиев романда акындын кордоп, мактап ырдашына кайрылганда Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхында» жазылган материалдарды чыпчыргасын коротпой пайдаланганы ачык эле көрүнөт. Ал эми кол жазмалар фондусундагы материалдарга келсек, Шабданды мактап ырдоосу одага жатат. Апыртуу, даңазалоо, көкөлөтүү эмоциясы менен Шабдандын аброюн бийик көтөрүп салган.

Ардактаган тулпарды
Адырга минсе тер чыкпас,
Ак калпактуу кыргыздан
Артылып сенден эр чыкпас
Караңгынын жарыгы
Шамы болдуң кыргыздын.
Айдалганда токтогон,
Тамы болдуң кыргыздын.
Кеме жүргөн дарыя

www.bizdin.kg

Суусу болдуң кыргыздын.
Адашканда жоктогон
Туусу болдуң кыргыздын.

Мындай мактоону кыргыз адабият тарыхында өткөн кылымдардагы тарыхый инсандарга арналган чыгармалардан табуу кыйын. Акындын бир жыл ичинде өзгөрүп кетишине себеп дагы эле тарыхый окуяга байланышат. Шабдандын күчү менен топ Токмок уездинин Кара-Булак жеринде өткөрүлүп, ал Солтобайды атайы чакырткан. Демек, акындын Шабдандан кечирим суроонун эң амалдуу жолун тандап алган жана натыйжалуу болуп жоомарттан минип кайткан. Карама-каршы позициядагы ырлардын чыгышына акындын ички дүйнөсү шарт түзбөстөн, сырткы субъективдүү күчтөрдүн таасири маанилүү роль ойноп кеткен. Акыйкат үчүн суроо коёлу: Солтобай өзүнүн эргүүсү менен Шабданды кордоп да, мактап да ырдайт беле. Албетте, жок. Акындык талант бирөөнү жамандоодо, же мактоодо эмес экендигин жакшы түшүнгөн Солтобай тагдырга моюн сунууга аргасыз болгон. Натыйжада акын ырдады, чыгарма жаралды, эл арасына учкан куштай тарап кетти, а бирок «заказной» ырда объективдүүлүктөн субъективдүүлүк ашыра басып кеткенин, реалдуулуктун негизи майдаланып калганын көрөбүз. Акындын башкы максаты көркөм чыгарманын талабына жооп берүүдөн мурда — Шабданды кемсинтүү, же мактоо катары жеке же бир топтун кызыкчылыгын билдирүү болчу. Ошондуктан, Солтобай ал милдетти эки учурда тең кынтыксыз кылып аткарууга жараган.

Казак акыны Жамбыл менен Шабдандын жылуу мамилелеринен эки элдин достугун, бир тууганлыгын көрсөткөн пикирлер бар. Алгач Жамбылдын өзүнө келсек, 1879-жылы казак жеринде жут болуп, жаз айында Чоң Кеминдеги Шабдандын айылына келүүгө туура келген. Акын ырында жутчулуктан көргөн азап-тозокторун, пааналап келгенин, баатырдыгын сыйларын, күч-кубат алууга мүмкүнчүлүгүн түзүп берүүсүн ачык билдирген.

Уа, шавибаз, хан Шабдан!
Атым арып келди эбден.
Тоным тозып жүдедим,
Орын бермей жан терден.
Ак ордаңа енейин,
Аман-салем берейин.

Шабдан сыйлаган акынды жакшы тосуп алып, меймандап, кетеринде 18 жылкы айдаткан экен.

«Алардын достугу өмүр өткөнчө болбодубу» — дейт Айтматов[1]. М. Шаханов менен авторлошуп жазылган «Жар боюнда боздоп турган аңчынын ыйы» деген чыгармада эки инсандын тарыхый байланышы публицистикалык маанайда баяндалган. Авторлордун маалыматы боюнча Жамбыл келип калгандыгына байланыштуу жолго чыгып калган Шабдан сапарын токтотуп генерал губернатор Колпаковскийге барбаптыр. «— Остановитесь! Даже если Колпаковский был бы царем, он не был бы выше Жамбыла. В дорогу тронемся через пару дней, после того как проводим Жамбыла,— объявил Шабдан, затем распорядился установить специально для своего друга-акына белую шестикрылую юрту и позвал всех уважаемых сородичей[2]». Акындын «Манас», «Суранчы баатыр» эпосторун таң атканча аткарганын Шабдан толкунданyy, тамшануу менен угуучу экен. Тарыхый инсандын жоомарт, март. кең пейил сыяктуу касиеттери сүрөттөлгөн,

[1] Айтматов Ч., Шаханов М. Плач охотника над пропастью. – 69-бет.
[2] Жамбыл. Тандалмалар. – Алматы: Гылым. – 1996. – 1-том, - 280-бет.

Жамбылдын 1912-жылы ашка келгендиги жөнүндө маалымат бар. Авторлордун жеке пикирлери чыгармада белгилүү факт-материалдардын үстөмдүгүнүн астында калгандай элес түйдурат.

Тоголок Молдонун Шабданга арналган атайы ыры жок. Бирок биз экинчи бир чыгарма — «Болот калем романы аркылуу билебиз. Балким, ал жазуучу Ш. Бейшеналиевдин кыялынан жаралган көркөм ыкмадыр. Ошентсе да романда жаш Тоголок Молдо Шабдандар менен замандаш болуп, окуяларга аралашып жүргөндөй сүрөттөлөт. Акын романда баяндалгандай «Эл өлүмү» деген дастан чыгарат:

Кедейлер өлсө тим болгон.
Кесири чоң манапка,
Эки кыз баштап кул болгон.
Бийлиги деп Шабдандын,
Түтүнгө тегиз бир койдон.
Кыздарга кошуп миң теңге,
Кызыл алтын пул болгон.
Он бир эрдин өлүмүн,
Отказ дешип тим койгон.

Тоголок Молдо тарыхый каарманды көкөлөтүп мактабайт, өзү көргөн окуяларга тынчсызданүу менен мамиле кылат. Бул жерде көрүнүп тургандай Шабдандын элге зыяндуу иштери сындалып жатат. Дагы баса айтарыбыз акындын көз карашы жазуучу тарабынан берилип жаткандыктан ырда жалаң Тоголок Молдого энчилеп коюу объективдүүлүккө жатпас, Ш. Бейшеналиевдин автордук позициясы да сөзсүз бар.

Проза жанрында Ш. Бейшеналиев, К. Осмоналиев, И. Жакановдун чыгармаларында Шабдандын элеси тартылган. «Болот калемде» Шабдандын Мусакожо менен Касымбек бай-манаптарды элдештирүүгө жасаган далалатынын оң натыйжага ээ болгондугу чагылдырылган. Романда эпизоддук окуяларга катышса да каармандын ички дүйнөсү белгилүү даражада жакшы ачылган. Анын ынтымак, тынчтык үчүн элчилик кызматына басым жасалат чыгармада. Ш. Бейшеналиев образга этиет мамиле жасайт, ошондуктан бай-манаптын образын кантсе да берүү максатында элден жыйналган чыгымдар тууралуу окуялардын тегерегинде сүрөттөөгө аракеттенет. Бирок каармандын кыймыл-аракеттери, көз караш жан-жигити Баяке тарабынан жүзөгө ашырылып турат.

Романда Шабдандын Алай тарапка баргандыгы жөнүндө учкай гана мындай билдирүү бар: «Алай, Анжиян тараптагы уруш-кыргынсыз ыктыяры менен кошулуусун өтүнүп, Адигине ата тукумунун башчысы Курманжан даткага жеңе жесири катары нике кыйдырууга жашыруун ниетин жүзөгө ашыралбаган менен негизи падышачылыктын элчилик вазифасын, генерал Скобелевдин оюндагысын аткарып экилтик Шабдандын атагы ого бетер көкөлөгөн[1]»...

Ш. Бейшеналиевдин эң талылуу, талаштуу маселени акырын чыгарып коюп, өзү көп батынбаган проблема — Шабдандын түштүккө орус аскерлери менен барышы. Бул жерде эки маселе боюнча көбүнчө пикир келишпестиктер пайда болууда. Биринчиси, Шабдан кыргыз жерлерин басууга орус аскерлерине жардам берген, экинчиси — Курманжан даткага нике кыйдыруу.

Орус аскерлеринин күчтүүлүгү баары бир толук элдерди кандуу кыргынга учуратып жеңет эле, ошондуктан Шабдандын ортого түшүп, арачылык кылганы туура

[1] Бейшеналиев Ш. Болот калем. — 2-том. — 78—79-беттер.

болгон деген көз караштагы ойлор ошол мезгилдеги саясий кырдаалды эске алганда прогрессивдүү жыйынтыкка алып келген. Албетте, кур намыс кылып, төш кага бергенде жалпы эл үчүн өтө оор, кыйын болмок, ал эми бай-манаптар кандай гана болбосун өздөрүнүн керт баштарын сактап калууга кудуреттери жетишмек. Окко учкан да, канга боёлгон да, тукумунан айрылган да — итке минген кедей-кембагалдар болмок. Шабдандын орустарга жардам берүүсүнүн эң башкы миссиясынын максаты — кыргыз элин сактап калуу эле. Бул ичтеги жашыруун сырдын түпкү маанисин чындыгында өзүнөн башка бир да жан билген эмес.

К. Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышында» Курманжан датканын алдына келип, таазим кылып, никелешүү жөнүндөгү ойдун ойрон болушу — каармандардын ички дүйнөсүндөгү карама-каршылык сезимдерин жек көрүү абалдарына чейин курчуп жетилиши көркөм сүрөттөлөт. Персонаждардын ар бирине таандык кыймыл-аракеттери, сүйлөө речтери ж. б. ынанымдуу берилген.

«— Саламатсызбы, апа! — деп жибербеспи, катыгүн! Аа кашайгырдыкы, кашая түштүбү! Жоодур көрүнгөн Курманжандын өңү чагылган ургандай чу өзгөрдү. Маңдайынан ылдый жүзү кубара-кумсара, уурту дирт этип, тыноосу кыпчылды. Канынын бузулганын туйбоо үчүн:

— Сала-мат-чылык, мырза!— деди чоюла.

Айымдын өзгөргөн жүзүн Шабдан дароо сезди. Айгапта боло ичкериди. Кызыл жүзү чайпалды. Манжалары карышканда оң бармагынын тырмагы оң сөөмөйүнүн этине баткандан батып баратты»[1]...

Автордун позициясы боюнча сөздүн орунсуз айтылышы дин жагынан да, дил жагынан да ишти бузат. «Никелешүүдөн качпоого да Курманжандын ак дилинде макулдук бар эле» — дейт жазуучу. Ата-баланын салтын бузбай Шабдан датканы «жеңе» деп кайрылганда каармандардын тагдырлары таптакыр башкага бурулуп кетери тууралуу ой чабыттатат К. Осмоналиев. Эми минтип «апа» деген сөздүн саатынан өмүрлөрүнө кылтак салынып, уу бердирип өлтүрүү маселеси чечилет. Курманжан датканын дагы бир ызырынганы — Шабдандын жөн келбей тоо арасына орус аскерлерин жаап-жашырып койгону болчу. Ошондуктан, уулу энесинен орустарды түн ичинде тыптыйпыл кылуу үчүн кеңешип отурат. Орус аскери тактиканы өзгөртүп көчүп кетишип, Абдылданын оюу ишке ашпай калат. Ал эми Шабдан болсо Байзак экөө бир атка учкашып өмүрлөрүн аман ала качышат. Романда Курманжан датка Ташкенттеги улук менен өзү барып сүйлөшөт. К. Осмоналиевдин сүрөттөөсүндө Шабдандын тагдыры өтө коркунучта калганы, ажалынын жетпегенинен тирүү эл-жерине кайтышы бир чети драмалуу, бир чети юморлуу берилген.

Оозеки материалдарга келсек, Шабданга айыл акса-калдары «Шабдан, сен ага үйлөнсөң, Адигине, Тагайдын тукумун бүт ээлейсиң?» — деп көкүтүшкөн экен. «Келиңиз, эже» деп шашып айтып жиберип ичтеги сөзү чыкпай калган экен. Ш. Бейшеналиев, К. Осмоналиев ж. б. жазуучулар санжыранын негизинде окуяны кызыктыруу, тереңдетүү максатында «апа», «эже» деген сөздөрдүн тегерегинде психологиялык конфликтти пайда кылып отурушат.

Көркөм чыгармаларда майда деталдарга көп деле маани бериле бербейт, көркөмдүктүн жүгүнө, образдардын ачылышына карата художниктик позициядан бөтөнчөлөнүп каралышы мүмкүн. Мындайда персонаждардын психологиялык ал-абалын тереңдеп чагылдыруу башкы максат болот. Ал эми тарых барагына көз жүгүртсөк, Шабдан 1840-жылы, Курманжан датка 1811-жылы туулуп, 29 жаш улуу болгону дапдаана. Энесиндей болгон «Алай ханышасына» нике кыйдыруу жазуучулардын көркөм фантазиясынан жаралган көрүнүш болчу.

Бирок тарыхта жазылып калгандай Шабдан менен Курманжан жолугушуп, туткунда калган датканы Скобелевден сурап алган: «Качып кетсе эмне кыласың деп Скобелев

www.bizdin.kg

айтканда, жооп берген анын ордуна мени атыңыз деген Шабдан»[1][1]. Үй тиктирип, ызаат көрсөтүп, датканын жогору сыпайлыгын баалаган.

Узун Агачтагы салгылашууда Шабдан орустарга каршы кыргыз жигиттерин баштап барып, айырмалангандыгы үчүн Кокон ханы Мала хандан алтын жалатып коогдолгон кылыч, мылтык жана чапан тартуу алган, кийин Кудаяр хан тарабында так талашкан күрөштөргө катышып Түркстан калаасынын бегине бекиген. Бирок, анда Йакуб бектин, же Багдөөлөттүн мамлекетине кошулуп кетсек эмне болот? деген ойдо да болгон. Анткени Жантайдын орустарга, мамиле кылышы анын пикирин кескин өзгөрткөн эмеспи!

Орус төбөлдөрү да каарманын кур кол койбогон, бир топ медалдар менен сыйлап, майор чинин беришкен.

К. Осмоналиевдин романында Шабдандын өмүр жолу кеңири сүрөттөлөт. Ал айтылуу жомок сыяктанып кеткен Балбай баатыр менен жолугуп, кесилип калган кулагына кызыгып, жакында эле өткөн Ормон, Төрөкелди жана орус падышалыгы тууралуу ой-пикир алышат. Балбайдын сүрүнөн, жинденген түрүнөн жүзүндөгү күлкү күбүлүп, томсоруп отурган Шабдандын психологиялык абалын жазуучу ишенимдүү жазган. Балбай орустун кыргыз жерине басып келгенине караманча каршы экендигин билдирип, «орус ойлогонун кылат» дегендей айылдарды маскаралаган солдаттарды катуу айыптап мусулманчылыктын тазалыгын жактайт. Шабдан болсо ага падышачылыктын бийлигинин күчүн, газават ордо ичиндеги митайымдардын ойлоп тапкандары, жеңүү негизсиз кыялдар экендигин түшүндүрөт. Балбайдын адамгерчиликтүү, мейман-достугун көрүп бир чети ыраазы, экинчиден орустарга каршы карактоосуна нааразы болуп кайтат. Ал жазуунун позициясы боюнча Балбайды түрмөдөн куткарып алууга аракет кылып да көрөт. Тарыхый материалдар боюнча эки тарыхый инсандын кездешүүсү жөнүндө так маалымат жок.

Ал эми Тайлактын уулу Осмон орустарга карап бербей, Шабдандын элчилик милдетин «чыккынчы» катары көрүп, Какшаалды көздөй көчкөнгө чечим кабыл алат. Тагдырдын буйругу менен Шабдан менен Байзак түн ичинде токой аралап качып кетишет. Шабдан менен Осмон үч жолу беттешип, бирин-бири аёо сезими жеңип кетет.

Тарыхый материалдардын көрсөтүүсүндө Нарынга бараткан Загряжскийдин отрядын Осмон колго түшүргөндө, аны талкалоо үчүн Шабданды солдаттар менен жиберишет. Бул кагылышууну да ал орус падышачылыгы тапшыргандай оң чечип келет.

Романда Шабдандын образындагы касиеттер — жоомарттык, кеңпейилдик, марттык, айкөлдүк ж. б. адамдарга жасаган жакшы мамилелери көрүнүп турат. Бирок автор каарманды революционер Михаил Фрунзе менен беттештирип, аны менен ынак мамиледе сүрөттөшү анчалык мааниге ээ болбой калган. Бул жерде эгер Шабдан өлбөй турганда бара-бара революционер болуп чыгары жөнүндө ой жатат. Жазуучунун көз карашына советтик идеологиянын таасири катуу тийип турганы билинет. Чыгарманын жыйынтыгында К. Осмоналиев «Көчмөндөр кагылышын» саясий пафос менен бүтүрүүгө аракеттенген.

Казак жазуучусу И. Жаканов Шабдандын орус географиялык коомунун адиси, граф Боголюбов менен болгон жылуу-жумшак мамилесин сүрөттөйт. Орус адамдарынын келгендери Шабдандын мартабасын көтөрүп салат. «Кыргыз тоолорун айлана учкан бакыт кушу Шабдан эрдин колуна келип конгондой!» — дейт жазуучу. Шабдандын ата-теги Атаке баатыр, Жантай хандар даңазаланып, кошоматчылык күчөйт. Граф менен манаптын ортосундагы диалогдо кыргыз жеринин сулуулугу, карапайым элдин улуулугу, мейманбостугу, ишенимчтиги тууралуу сөз козгошуп, черлери жазылат. Эл салты боюнча жакшы киши келди деп ат чаптырып, той жасатат. Жарчылар жар чакырып жүрүшөт.

[1] Шабдан баатыр. – Бишкек, Учкун, 1992. – 9-бет.

www.bizdin.kg

Ээй, жыйылган алка, жалкы көп,
Эзелки элдин салты деп,
Салтанаттуу Шабдан эр,
Колдогон кыргыз калкы көп —

дешип, Петерборлук меймандарды даңазалоого алышат. Жазуучу той-тамашанын салтанаттуу өтүшүн аземдеп көркөмдөп жазуу менен каармандардын жан дүйнөлөрүнө үңүлүп кирет. Графтын жүрүм-туруму, көз карашы элге жакындыгы Шабданды кубандырат. Ал гана эмес граф манапты эр сайыштагы адам өлүмү үчүн күнөөлөйт. Каармандын дипломаттык иштерине басым жасоого жазуучу чоң маани берген.

Шабдандын эң чоң эрдиги катары бугу-сарбагыштын ортосундагы чыр-чатактын аягына чекит койгондугу деп эсептээр элем. Ормонхандын куну чубалжып отуруп эки урууну өч душманга айландырып салган болчу. Сарбагыштар кунду өндүрүп алууга аракеттенсе, бугулар кунду төлөөдөн баш тартышкан. Саясий кырдаал татаалданып турганда сырткы душмандар да уруулардын арасындагы жиктелүүлөрдү өз пайдасы үчүн чечүүгө кам көрүшкөн. Шабдан да ошол доордо жашагандыктан, доордогу проблемалардан сырткары боло албайт эле. Топ жыйында Ормондун куну тууралуу маселени күн тартибине киргизет. Бул маселенин көркөм адабиятта кандайча чечилгени С. Рыскуловдун «Шамен» повестинде чагылдырылган.

«— Ормондун кунун алган жатыпсың, чынбы?

— Чын. — Шамен менен Шабдан бир аз тиктеше түшүшөт.

— Андай болсо Ормондун куну канча болот?

— Эрдин куну жүз жылкы. Ормон хан эмеспи, аныкы көп болот да.

— Көп болгондо канча болот?

— Көп болот.

— Ойлончу, Шабдан. Көптөн башканы айта албай койдуң. Эгерде кандын баасын кесип койсоң кандын наркы чыгып калат. Кандын куну миң жылкы болсо миң жылкылуу адам өлтүрүп коёт. Кандын куну эки миң жылкы болсо эки миң жылкылуу бай өлтүрүп койсо болот. Ошондуктан кандын куну жок дейт элде. Кандын куну тоодой алтын болсо да айтылбайт. Кандын өлүмү ага туугандан, суучулдуку суудан, мергенчиники тоодон, дарчыныкы дардан деген элдин сөзүн унуттуңбу?[1]»

Шабдан акыл калчап көрсө Шамендин курч, таамай сөзү туура көрүндү, Ормондун куну кечирилди Да топто маселе каралбай калды.

Ошондой эле Шабдандын небереси Балбактын Шабданга атаандаштыгы, керсейүүчүлүгү, тоңдугу кызыктуу окуялар менен коштолот. Шабдан энеси Баалыны көмүп жатканда Балбактын келе жатканын көрүп, мүрзөнүн оозун бекиттирбей топурак салып калсын
деген жакшы ниет менен күтүп турса, тиги болсо кылчайып койбой бастырып кетет. Мына ушундай жана башка окуяларда Шабдандын токтоолук, сабырдуулук кылып коюшу повестте жылуу сезим тартуулайт.

Шабдан өмүрүнүн акыркы жылдарын сарсанаа, терең ойго чөмүп өткөрүп калган. Россия империясындагы ал-абал, падышачылык бийликтен жакшылык үмтөткөн, жан дили менен берилген каарман көңүлү муздап, «эл-жер эмне болот?» — деген ойго барып такалган. Карапайым элдин турмушу оордоп, орус төбөлдөрүнүн зордук-зомбулуктары ок тийгендей кансыратып келген. Шабдандын да аларга сөзү өтпөй калган убак, ал гана эмес, уулун жалаа менен түрмөгө камап да салышкан. Шабдандын ички дүйнөсү караңгылап,

[1] Рыскулов С. Шамен. — 73—74-беттер.

мартабалуу өмүрү өчүп барат...

Шабдан өлгөндө жана ага аш берилгенде бир топ чыгармалар жаралган. Алардын ичинен «Нурмолдонун Шабдан баатырды жоктогону», «Сагымбайдын кошогу», Осмонаалы Сыдык уулунун «Кыргыз Шабдан тарыхы» деген чыгармаларды бөлүп көрсөтсөк болот.

Нурмолдонун саптарында[2] каармандын кыргыз элине жасаган эмгектери даңазаланып өтөт. Анын өлүмүнө кейийт. Ыр кошок формасында жазылган.

Эми кайдан көрөмүн,
Эсил Шабдан боорум-ай!
Эл баштаган эркечтей
Эрдиги чексиз доорум — ай!

Бирок бул чыгарманы К. Рыскултегин эл арасынан жыйнаса да кандайдыр бир күмөн туудурбай койбойт. Акындын чыгармасында акынга таандык стилдик көрүнүштөр, ой жүгүртүүлөр кездешпейт. Жоктоодо автордун эмоциясы да өтө терең берилген эмес. Анын үстүнө Шабдандын образы атын айткандай Алай, Анжиян окуяларынан кийин калк ичинде оң мааниге ээ болбой калган. Менимче, акынга ыр мүнөздүү деп айтуу шектүүлүктү жаратат, балким, бул кийин жаралган ырлар болуп Нурмолдого ыйгарылып калышы мүмкүн. Көптөгөн айтуучулар, угуучулар, жыйноочулардын гана маалыматтары менен текстологиялык жактан такталбай эле акындарды бири-бириники менен чаташтыруу күч алып кеткен учурларды жолуктурууга болот.

Сагымбай манасчынын кошогу тарых жагынан такталган. Ал Шабдандын иниси Төлөнүн өтүнүчү менен кошкон. Эпикалык чыгармалардын айтуучусу болгондуктан, анын сүрөттөө ыкмаларында даяр оозеки чыгармачылыктын формалары кеңири пайдаланылган. Кошокто өлгөн адамдын басып өткөн өмүрү даана чагылат. Анын адамдык улуу касиеттери да сырткары калбайт.

Караңгынын жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан,
Калың кыргыз атасы,
Кан жыгылды кыргыздан!
Күнөөкөргө күн батты,
Күрдөөлүү кылжыр көп журтту
Күйгүзүп Шабдан эр жатты.

Бирок акындын кошогуна Солтобай ырчынын көптөгөн саптары кирип кеткен[1]. Сагымбай Солтобай акындын чыгармачылыгын колдонгон десек, өзүнүн стилдик мүнөздөрүнөн анчалык айырма байкалбайт. Ал эми Солтобайдын чыгармачылыгына Сагымбайдыкы кандайча кирип кеткени да түшүнүксүз. Бул жерде да «күнөөнү» кайрадан маалымат айтуучулар менен жыйноочулардан издөөгө болот. Дегеле акындар поэзиясында такталбаган проблемалар көп. Акындардын өз оозунан жазылып калбагандан кийин бир эле ырдын бир канча авторлору пайда болуп, талаш туудурганы мыйзамченемдүү десек болот.

«Баатыр Шабдан казалы, Байкап сөздү жазалы» деп Ысак Шайбеков жазгандай өтө этиеттик менен мамиле кылуу зарыл. Анткени, мактоо да, жактоо да негизинен өтө апыртмалуу болуп жаткандыгын акын туйса керек. Кошокту Шабдан уулу Кемелдин кызы

[2] Нурмолдонун Шабдан баатырды жоктогону//Чүй баяны. – 1999. – 13–18-август.
[1] Караңыз: Кыргыз эл ырчылары. — Бишкек. 1994; Шабдан баатыр. — Бишкек: Учкун. — 1992.

www.bizdin.kg

Зуурага жазып берген. Албетте, кошоктун формасында жазылгандыктан, жогорку кошоктордон, же мактоо ырларынан кездешкен маани-мазмундун жалпылыгын байкоо кыйын эмес. «Кыргызда сендей эр чыкпас» деген ой Солтобайдан, Сагымбайдан баштап Ысакка чейин берилген. «Энди катын туубайды, Баатыр сындуу бир дааныш», «Чыга албас эми сендей жан» деген саптар жыш учурайт. Акындардын бардыгы көрүнүп тургандай ойлорун өтө кесе айтышып, кыргыз элинин башына мүшкүл иш түшкөндөй беришкен. Манас бабабыздан айрылганда ушундай айтышса туура болчудай эле, ал эми Шабданды түгөл элдин «шамы» өчкөндөй, «түн киргендей» сүрөттөө канткенде да гиперболаштырылып жиберилген. Ысак Шайбековдо географиялык масштабдагы кеңейип, «казак элинен да Шабдандай жан чыкпайт» деген ой сиңирилген. Акындын башкалардан бөтөнчөлүгү — ырчылардай өз оозунан айтса бир жөн, ал небересинин атынан кошок кошулуп жаткандыктан субъективдүүлүккө берилүү болсо да түшүнүктүү, анткени эмоциялык күйүткө алдырган жакынга өлгөн адамды кандай мактаса да кечиримдүү болот.

Осмоналы Сыдык уулунун чыгармасы 1914-жылы Уфа шаарында «Шарк» басмасынан басылып чыккан. Китеп прозалык баяндоодон жана казалдан турат.

Чыгармада Шабдандын карапайымдыгы, жөнөкөйлүгү, боорукерлиги, кайраттуулугу тууралуу сөз жүрөт. Автордун билдирүүсүндө ал эл менен камыр-жумур жашаган экен. Анжияндан, Намангандан, Ирандан, Кашкардан, Мекеден, Мединадан адамдар келип турушуптур. Өзү да Мекеге барып ажылык кылган. Кокон хандыгынын да сыйын көргөн, орустарга да урматтуу болуп туткундалган 73 адамды өлүмдөн куткарып калган. Автор бир адамдын өмүрү текке кетпегенин, эл үчүн кам көргөнүн далилдөөгө аракет жасайт. 73 жашында өмүр менен коштошконун жаратылыштын ажайып сулуулугу менен байланыштырып сүрөттөйт.

«Шабдан казалы» бөлүмүндөгү Осмонаалы Сыдык уулунун жазганынын мааниси жогорку кошоктордон айырмасы деле жок: «Баатыр кетти жалгандан», «Артык адам ким болгон», «Кыргыздан мындай болбогон», «Баатыр өлдү дегенде, Кыргыз тууган азап жеп» деген чулу кайгылуу күйүт вариацияланып берилет. Бирок кошокто жазуу стили калыпташканы байкалып турат.

Драма жанрында тарыхый инсандын образын эң алгач алып чыккан — Касым Тыныстанов. Ал «Академиялык кече» аттуу пьесасында терс образ катары чагылдырган[11]. Албетте, бул жерде идеологиянын таасиринен автор чыга албашы түшүнүктүү болчу. Совет түзүлүшүндө бай манаптарды элдик кылып көрсөтүү акылга сыйбас иш эле. Ошондой болсо да пьеса катуу сынга алынган. Сынчы К. Рахматуллиндин «Шабдан» продолжает служить... своему классу» деген 1933-жылы жазылган рецензиясы белгилүү[22].

Чыгармада Шабдан кошоматчы, жеп-ичкич, эзүүчү таптын өкүлү катары сүрөттөлсө да сынчыга эч бир жакпайт: автор таптык көз караш менен караган эмес, тарыхтын баары бурмаланып көрсөтүлгөн ж. б. «В третьих, и самое главное,— деп жазат К. Рахматуллин,— пьеса не критикует, не разоблачает Шабдана, а восхваляет его. Пьеса легализует антисоветскую идеологию, вынося ее на сцену, и, таким образом, еще болыне популяризует Шабдана как «отца киргизского народа и покровителя бедных»[33].

Н. Байтемиров да атайы дастан жазды. Дастанда лирикалык каармандын жаратылыш менен байланышы ачылып берилет. Автордун көзүнө аккан суу, акыл сөз, ачык күн, сулуу көз, күйгөн от ж. б. бардыгы «Шабдан болуп кубулат». Акын абстракттуу эмоцияга жеңдирип жиберген.

[1] Бул пьеса боюнча авторлошуп жазылган макаланы карасаңыз болот. Каракеев К., Акматалиев А., Пайзуллаева К. «Академические вечера» К. Тыныстанова//Китепте: К. Тыныстанов жана «Академиялык кечелери» — Бишкек. — 1998. — 3—26-беттер.

[2] Караңыз: Китепте//Шабдан баатыр. Эпоха и личность. — Бишкек: Шам. — 1999. — 142—144-беттер.

[3] Шабдан баатыр. Эпоха и личность. — 144-бет.

www.bizdin.kg

«Шабдан казалы» 1909—10-жылдары Муса Чагатаев тарабынан жазылыптыр. Анын араб арибиндеги кол жазмасы фондубузда (Инв. № 280/80) сакталып турат. Кол жазма биринчи жолу жарыяланып отурат.

«Шабдан казалында» Баякенин үч күн тең бир түштү көрүп, аны Жантай ханга жоорутуп, бата алышып, Сомба шаарында турган калмактарга каршы жоого аттанышы, жолдо Балбайга жолугушуп, андан душмандын ал-жайын билишип, кеңеш алыштары жана калмактар менен кырчылдашып урушушу, жеңишке жетиши жогорку пафос менен баяндалат.

Кол жазмада Шабдандын кол башчылыгы, согуштук өнөрдү жакшы билиши чоролорго моралдык күч бериши, эң башкысы өзү да колуна кылыч, найза алып жоого бет маңдай ураан таштап алдына чыгышы сыяктуу баатырлыгы даңазаланат.

Чындыгында М. Чагатаевдин кол жазмасы Шабдан тууралуу көптөгөн материалдардан анын баатырлыгын, эрдигин кеңири сүрөттөөсү менен айырмаланып турат. Башка чыгармаларда Шабдан элчи катары көтөрүлүп калган, ал эми М. Чагатаевдин бул кол жазмасы Шабдандын баатырлык образын толуктап турат.

Баатырлары майышып,
Дөрбөөл менен эр Шабдан,
Аянышпай сайышып.
Жүрөктө болот чарайна,
Найзанын учу тайышып,
Аянышпай коюшуп,
Кызыл ала болушуп,
Өтүшүп кетип эки жан,
Кайра тартып турушуп.
Кайраты келип эр Шабдан,
Найзаны мыктап кармады,
Алланын болуп жардамы,
Кекиртекке болжолдоп,
Жазбай баатыр сайганы,
Чалкасынан кеткенде,
Кылыч менен кайсады.
Кара болот колго алып,
Өзү чапты моюнун,
Эми көргүн баатырдын,
Аскерге кирген оюнум.

Мындай согуштук эпизоддор кол жазмада таасын чагылдырылган. Демек, М. Чагатаевдин кол жазмасынын жарыяланышы Шабдандын образын кеңири кароо үчүн өтө керек материалдардан.

*А. АКМАТАЛИЕВ*

www.bizdin.kg

# ШАБДАН КАЗАЛЫ (Ж. ЧАГАТАЕВДИН ВАРИАНТЫНДА)*

Эр Баяке түш көрдү,
Бир түндө түштү үч көрдү.
Калмак менен кыйрашып,
Канча кыргын иш көрдү.
Атаке баатыр, Аргымбай,
Түшүндө аян бериптир.
Аттангын деп калмакка,
Ишарат кылып кетиптир.
Куп болот деп Баяке,
Айтканына көнүптүр.
Турду ордунан ойгонуп,
Көргөн түшүн ойго алып.
Төрт баатырды чакырып,
Аксарбашыл кой чалып.
Даарат алып боюна,
Кубаныч кирди оюна.
Не сөз бар деп баатырлар,
Баары келди чогулуп.
Баатыр Шабдан, Манапбай
Каракесек, чоң Ботбай,
Казат кылар күн болду.
«Олмоке, Орток жолдоштор,
Түндө жатып түш көрдүм,
Бир түндө түштү үч көрдүм.
Сомба деген калмак мен,
Кыйрашып жаткан иш көрдүм.
Атаке, баатыр, Аргымбай,
Бар деди балдар тартынбай,
Арбактар бизди колдоду,
Не дейсиңер, баатырлар.
Бекер жатып не пайда,
Барбай болбос, баатырлар.
Казат кылып калмакка,
Жүрбөй болбос, баатырлар.
Калмактын Сомбу шаарын,
Көрбөй болбос, баатырлар.
Каза жетсе калмактын,
Шейит болуп өлөрбүз.

* Эскертүү: Бул кол жазма 1909—10-жылдары Муса Чагатаев Шабданга арнап жазган. Кол жазманын араб арибиндеги нускасы Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунда сакталып турат. Араб арибинен азыркы арипке түшүргөн К. Кырбашев.

Аман болсок калмакты,
Чаап алып келербиз.
Алда салган иш болсо,
Акыр бенде көрөрбүз».
Муну угуп эр Шабдан,
Артык тууган тири жандан.
Минген аты зор Кула
Анык тулпар айбандан.
Муну угуп кубанды,
Капырга казат кылам деп,
Кубангандан ыйлады.
Жанындагы үч баатыр,
Сүйүнүшүп турады.
Жардык кылып эр Шабдан
Туш-тушка кабар чаптырды.
Найзакерден көйкашка,
Баарысын тегиз чакырды.
Көйкашкалар дүркүрөп,
Жаныбек келди күркүрөп.
Эл ичинде коркогу
Оюнан чыкпайт диркиреп.
Андаш келди айкырып,
Жолдошторун чакырып.
Пейли жаман душманын,
Заманасын сапырып.
Темир келди күлдүрүп,
Айылдын четин бүлдүрүп.
Минген аты Чалкашка
Жорголотуп жүрдүрүп.
Кудайкулу молдосу,
Өзү адамдын жоргосу.
Өз башында эрдик бар,
Баатырлардын жолдошу.
Тозок жакка жибербейт,
Жеткен кыргыз молдосу.
Шарият айтса элдерге,
Молдо турмак кожосу.
Букаранын үстүнө,
Чамынып чыккан жолборсу.
Кембагалды сасык деп,
Манаптарды колдочу.
Айтылуу Кыпчак, Саадабай,
Жуманын уулу Танабай,
Сатылган менен Алапай,
Төрөс менен Кабатай,
Чынгыш менен Калчаке,
Түлкүбай менен эр Канай,
Сарала менен Көйкөсү,
Сасык менен Бөркөсү,

www.bizdin.kg

Жерке деген Камасы,
Ат багуучу Түйтөсү,
Аман менен Капсалаң,
Ороз менен эр Караң,
Жаштоо бала Кесеке,
Нышан уулу Жоломан,
Дыйкан молдо Норузбай,
Каракушман, Конушбай,
Миңжашар мен Келдике,
Сарбаш менен Бердике,
Сарсейит менен Дыйканбай,
Төлөгөн менен Меркенбай
Жазылбай калган жигити
Айтылбай калды бир далай.
Кулансары, Сапарбай,
Аңгемеси бир далай.
Турпанды барып сураган,
Байкап уккун ушундай.
Үчүке, Түлкү атабыз,
Бенде болбос катасыз.
Ойгуттан барып өлүптүр
Кызыкка эми батабыз.
Жаңыл Мырза жаа тарткан,
Экөөнү катар бир аткан.
Үчүке менен Түлкүнү
Шейит кылып сулаткан.
Баяке, Шабдан, Манапбай,
Каракесек, чоң Ботбай,
Барып чапкан Майкөттү
Кайраттанып эч коркпой.
Белди бекем буушуп,
Майкөт менен урушуп,
Үчүке, Түлкү атасын
Акыр кунун куушуп.
Майкөт, черик жыйылып,
Бир далайы кырылып,
Жүз жылкы тартуу беришип,
Баатырларга сүйөнүп.
Жаман, жакшы баарысы,
Кадырлуу чоң карысы,
Конокту ал деп эрлерге,
Арага киши салышып.
Баары тегиз келишип,
Баатырларга көрүшүп,
Үчүке, Түлкү кунуна
Миң жылкы бүтүм беришип.
Мал жүгүрүп алдыга,
Сакарбай деген Абыла.
Сары деген Жетиген,

www.bizdin.kg

Куланды кошту дагы да.
Катты убада кылышып,
Көңүлдөрү тынышып.
Он беш адамташташып,
Кайра тартты жылышып.
Бул сөздөргө далил бар,
Турпанга барган баарың бар.
Кулан-Сары деген жер,
Сапарбай деген нары бар.
Турпандын жогор жагында,
Калың черик багында
Көргөнсүңөр калайык,
Үркүп барган чагында.
Чолок кылып кайырдым,
Бу Турпандын кысасын.
Көйкашкалар жыйылып,
Калмакты көздөй узасын.
Баары тегиз келишти,
Аңгемени билишти.
Ак боз бээ жетелеп,
Кан Жантайга келишти.
Адам батпайт сөзүнө,
Ажыдаардын түрүнө,
Салам берип алдына,
Андаш келди жүгүнө.
Жаныбек келди көтүнөн,
Бир, бирлешип киришти,
Баатырларың четинен.
Ооз тийди кан Жантай
Алып келген этинен:
«Жол болсун?» — деп, сурады,
Балдарды карап бетинен.
Жаныбек жооп бериптир:
«Баяке балаң, кан ата,
Бир жакшы түш көрүптүр.
Ай туягын жетелеп,
Жоорутканы келиптир.
Руксат берсең, кан ата,
Бизге кудай бериптир».
«Айткын, балдар, түшүңдү,
Байкап көрөм ишиңди.
Жаман жолго жибербейм,
Жакшы көргөн кишимди.
Айтайын, балдар, ырасын,
Баарың кызып турасың.
Барбагын десем болбойсуң,
Бир шойкунду кыларсың.
Барарың, балдар, канча кол?
Калмак деген алыс жол.

Барып калсаң, балдарым,
Баарың тегиз аман бол!»
Баяке айтты көргөнүн,
Түшүндө көрүп билгенин:
Атаке баатыр, Аргымбай,
Түшүндө аян бергенин.
«Ошол өткөн түнүндө,
Жалган болсо, кан ата,
Калайын көрбөй күнүмдү.
Эрди жырык сары адам,
Энгичек бойлуу кара адам,
Анык көрдүм түшүмдө,
Түш көрүп balaң жатканы,
Эки адамдын айтканы.
Колунан келсе арбактар,
Ошо жолу бизди сактады.
Баяке, Шабдан жатпагын,
Кудай өзү сактай тун.
Калмакка кеткен кегим бар,
Сомбаны чаап таптагын,
Аласың балдар, калмакты,
Барбай жолдон кайтпагын.
Деди бар — деп, тартынбай,
Атаке баатыр, Аргымбай,
Бата берди эки атам,
Жалганчыга кудай бар».
Арбак деген сөзүнө
Кан Жантай да кызыкты,
Дене бою ысыды.
Калайыктар курчады,
Үйдүн ичи-тышыны.
«Баяке балам бүгүн түн,
Бир жакшы түш көрүптүр,
Тилекти кудай бериптир.
Арбактар анык козголуп,
Жардам болуп келиптир».
Аксарбашыл кой айтып,
Ай туяктуу бээ айтып,
Аман балдар келсе деп,
Айры өркөчтүү төө айтып,
Талаага чыкты буралып,
Калайыктар куралып.
Барабыз деп талапкер,
Баары келди барабыз деп сурашып.
Көйкашкалар дуулдап,
Баары келди шуулдап,
Катте бала чуулдап.
Баары бирдей жылашып,
Бет-бетинен чуулдап.

Мойнуна курун салады,
Кыбылага карады.
Буркурап ыйлап кан Жантай,
Ак боз бээни чалады.
Калайыктар камыгып,
Мойнуна буурчак салынып.
Колун жайып кан Жантай,
Жараткан акка жалынып.
Мунаят кылып кан Жантай,
Колун жайып буркурап,
Катын, бала чуркурап,
Калайыктар ыйлашып,
Сөөктөр жашып зыркырап:
«Он сегиз миң ааламдын,
Бадышасы кудайым.
Балдарым барат казатка,
Башыма салба убайым.
Жоктон бизди бар кылган,
Бир өзүңдөн сураймын.
Ак байгамбар Мукамбет,
Балаларга кыл медет.
Дин жолунда баш берген,
Кызматкериң биз үмөт.
Эр жигиттин пири эдиң,
Сайып куран эр эдиң.
Жардам бергин балдарга,
Азиретаалы шер эдиң.
Кызыр, Илияс, кырк чилтен,
Колдогонсуң илгертен.
Балдарым кетти казатка,
Медет сурайм сендерден.
Олуя бүткүл байгамбар,
Жардам сурайм баарыңдан.
Сактай көр деп тилеймин,
Динсиз бетбак залимден.
Каршы келсе калмактар,
Колдосун, балдар, арбактар.
Жараткан акка тапшырдым,
Жолуң болсун бар, балдар!»
Кан Жантайдан бата алып,
Дуу дей түштү көйкашка.
Сайганы журттан бир башка,
Сандыргалуу көйкашка.
Талапкерлер жүз болду,
Жыйылышты бир башка.
Он сайын бир от болушуп,
Баары жүзгө толушуп.
Он кишиге бир чатыр,
Кыркаар тартып конушуп.

Он кишиге бир киши,
Он башы кылып шайлады.
Элүүсүнө бир киши,
Башчы кылып жайлады.
Жүз кишинин үстүнө,
Бирди канга камдады.
Беш баатырды чыгарды,
Бөлүнгөндүн ичинен,
Андашты канга ыйгарды.
Элүү денге башчыга,
Жаныбек, Темир турады.
Баарын иретке салууга,
Эсеп-чотун алууга,
Кудайкулду шайлады,
Үстүнөн карап баруугa.
Үч он болду мергендер,
Бута коюп жумуртка
Жара атып кеткендер.
Шабдан зайбы Шааке,
Сарамжалдуу жан экен,
Ар бир өнөрү бар экен.
Көңүлүндөгү мүдөөсү,
Бир балага зар экен.
Уста менен чеберди,
Баарын бирдей жыйдырып,
Аскерлердин жабдыгын,
Койгон экен кылдырып.
Төөнүн жүнү таардан,
Жайкы жамгыр жаандан,
Кийип алса суу өтпөйт,
Көз тайгылат наардан.
Мындай кийим болбоптур,
Он ирикти союптур.
Баарын тегиз бышыртып,
Куржунга тигип коюптур.
Катындарды жыйдырып,
Калың бөз сок кылдырып,
Муну тигип куржунга,
Жай-жайы менен тындырып.
Бир семиз тай сойдуруп,
Он самоорду койдуруп,
Аскерлерди чогултуп,
Баарын тегиз түшүрүп,
Жабдыктарын каратып,
Өз колу менен таратып,
Жетишпеген аскерге,
Баарына тегиз жаратып.
Төрт атка азык арттырып,
Аркан менен тарттырып.

www.bizdin.kg

Муну көргөн аскерлер
Шаакени жактырып,
Батасын берди көп эли.
Бул өңүрдү көргөнү,
Эми аскерлер жүрмөккө
Иреттерин бөлгөнү.
Чатырларын бүктөшүп,
Кош атына жүктөшүп.
Азык-түлүк шайманын,
Баарын тегиз бүктөшүп.
Жүрмөк болду жайланып,
Жан казанын байланып.
Жа алда — деп, аскерлер,
Минди атка камданып.
Алды, арты ызы-чуу,
Айчыгы алтын ала туу.
Башына алтын чөгөргөн,
Атакенин кара туу.
Алдыңкы сапка беришип,
Кан Жантайга келишип.
Сап-сап болуп аскерлер,
Тегиз атка минишип.
Тууну Ырыс кармады,
Кан Жантайга барганы.
Батасын алып көй кашка,
Энди жолго салганы.
Жүрдү эрлер бөлүнүп,
Жүз кишинин карааны,
Миң кишидей көрүнүп.
Буулугуп турган өң баатыр,
Кутургандай жээлигип.
Жүрдү эрлер шарактап,
Эки көзү алактап.
Найзалары колунда,
Белде кылыч шарактап,
Жүрдү эрлер дуулдап.
Эпкиндери шамалдай,
Кетип барат шуулдап.
Катын, бала калың журт,
Ыйлашып калды чуулдап.
Найзалары колунда,
Мылтыктары жонунда.
Жол-Булакты бет алып,
Кирди эрлер жолуна.
Чоң Кеминди басканы,
Тору-Айгырды ашканы.
Сары-Камыштын чатына,
Барып казан асканы.
Кудай салган иш болсо

www.bizdin.kg

Акыр бенде көнөдү.
Ажал келсе алдадан,
Үйдө жатса да өлөдү.
Он күнү жатып тынышып,
Таң атырып жөнөдү.
Убайымдуу жигиттер,
Үйүн, малын санашып,
Ойлоп кетип баратат.
Убайымсыз эрлериң,
Эч немеден кообу жок,
Ойноп кетип баратат.
Ысык-Көлдү жакалап,
Бойлоп кетип баратат.
Баары мыкты көйкашка,
Алты күндө жетишти,
Кызыл-Кыя, Сан-Ташка.
Кызыл-Кыя ашканда,
Текестин жолу бир башка,
Кирди Текес жолуна,
Төтө жолдун оңуна.
Кан көтөргөн Андаш эр,
Жарлык айтты колуна.
Аттандык эрлер калмакка,
Калмакка кыргын салмакка.
Жол билгениң барсыңбы,
Жаңылбай баштап бармакка.
Таякебиз чоң Балбай,
Өтпөйлү буга кеп салбай.
Калмактын жолун билүүчү,
Бир эр адам башчы албай.
Чоң Балбайга баралы,
Аган акыл салалы.
Калмак менен четтеш эл
Башчы адамды алалы.
Кан ошондой кеп айтат,
Барчасына эп айтат.
Жаныбек менен Темирге,
Жигит жибер деп айтты.
Кан жардыгы кайтпады,
Эки жигит аттанды.
Барып кабар айтышып,
Аскердин келе жатканды.
Жигиттин бирөө Сарала,
Кийирбестен арага.
Жетип барды Балбайга.
Атын байлап талаага,
Кирип келди үйүнө,
Салам берип жүгүнө.
Балбай баатыр таң калды,

Жигиттердин суруна.
Балбай баатыр козголсун:
«Жигиттер кимсиң, жол болсун.
Жөнүңдү айткын, балалар,
Өңүң башка тоңдоосун».
Сүйлөдү баатыр Сарала:
«Кулагың сал, сен тага,
Баяке, Шабдан жээниң,
Чаптырды бизди багана.
Кан Жантайдан бата алып,
Калмакты көздөй аттанып,
Казат кылып капырга,
Жээниңиз келет камданып».
Угуп Балбай сүйүндү,
Кийимин тегиз кийинди.
Үй тиктирип, бээ союп,
Өз алдынча бүлүндү.
Балбай баатыр мактанып,
Элин жыйып жар салып.
Жүз чамалуу киши мен,
Тосуп чыкты камданып.
Элине айтат эр Балбай:
«Кимдин, кимдин жээни экен,
Тайын тарткан эр экен.
Жээндин жакшы болгону,
Тагасына бел экен».
Алдынан тосуп келеди,
Келатканын көрөдү.
Аскерлерди урматтап,
Аттан түшүп турады.
Балбайды көрүп беш баатыр,
Аттан түшө калышты,
Жөө басып барышты.
«Амансызбы, тага» — деп,
Салам алик алышты.
Паратке менен аскерлер,
Атчан турду алдында.
Амандашып эр Балбай
Аскерлердин баарына,
Алдыңкы турган канына.
Көргөн адам корккондой,
Бул аскердин шаңына.
Энди аскер жөнөдү,
Жөнөгөнүн көрөдү.
Аскерлердин сөздөрү
Айтып кеткен бул эди.
Ниет казат бармакка,
Залим бетбак калмакка.
Кубат сурап кудайдан,

www.bizdin.kg

Куран окуп арбакка.
Кыргыз аскер бизди дер,
Бул бараткан өңкөй эр.
Капыр менен бет болбой,
Таркабайт ко ичтен чер.
Агызабыз кызыл кан,
Аябайбыз чымын жан.
Дин жолуна баш берип,
Кубаттайбыз биз аман.
Өзүнчө Балбай чоң экен,
Бугулардын зору экен.
Төрттөн үй катар тиктирип,
Бар шайманы мол экен.
Он-ондон үйгө киргизип,
Чоңдугун Балбай билгизип,
Көчө кылып жүргүзүп,
Үч күн жатты тыныгып,
Жүрмөк болду сыйлыгып,
Тамагы жаман жигиттер,
Көп жатса деп кыныгып.
Балбай айтты акылды,
Тыныстамды чакырды.
Он киши менен кошуптур,
Тыныстамдай баатырды.
Балбай менен коштошуп,
Кош айтышып токтошуп.
Аман кайтса калмактан,
Келер кезин болжошуп.
Көйкашкалар жөнөдү,
Сомбедеги калмакты,
Тыныстам абдан биледи.
Башчы болуп Тыныстам,
Эми жолго киреди.
Үчүкенин элинен,
Текес деген жеринен,
Жүрүп барат аскерлер,
Текес, Сомба көл менен,
Төртүнчү күн болгондо,
Атышып түштү Жылдызга,
Жетинчи күн болгондо,
Жетип конду Кундузга.
Дал он күнү жол жүрдү,
Аз гана эмес мол жүрдү.
Калмакты көздөй бет алып,
Анык көйкашка кол жүрдү.
Тыныстам абдан биледи,
Жакындашып келеди.
Он эки күн дегенде
Энди жооп береди.

www.bizdin.kg

Көрүнүп турган кара тоо,
Чалгынчыга барады.
Кудай ишти оңдосо,
Эр Баяке кеп айтат,
Барчасына эп айтат.
Аскерлерин токтотуп,
«Чалгынга барам — деп айтат.
Чалгынга мен барайын,
Сомбаны абдан чалайын.
Ашыкпастан аралап,
Аныктап бир тил алайын,
Таң атканча келермин,
Аман болсом мен — деди,
Жата берсин эл — деди.
Миңжашар менен Тыныстам,
Ээрчигиле сен» — деди.
Жолдоштордон бата алып,
Жөнөп кетти Баяке.
Тыныстам менен Миңжашар,
Жолдош болду бул үчөө.
Куптан маалы болгондо,
Жетти эрлер Сомбекке.
Төгөрөктөп чалышты,
Далай жерге барышып.
Мал да таппай, жан таппай,
Буга айран калышып.
Аралап кирди калаага,
Коркуу кирбейт санаага.
Бир короодо көрүнгөн,
Жетип барды караанга.
Адам экен кармады,
Кол, аягын байлады.
Алып чыкты талаага,
Энди калмак сайрады.
Калаадан тышка чыгышты,
Калмактын сөзүн угушту.
Баары тегиз уксун деп,
Кошуна кайра жүрүштү.
Таң аткан соң келишти,
Амандашып көрүштү.
Алып келген калмагын,
Колдоруна беришти.
Калмакты алды ортого:
«Жалган айтып болжобо.
Үмүтүң болсо жаныңдан,
Калмактан эми коркобу.
Аман калып багынган,
Калмак жок дейт багылган.
Бусурман болсоң өлбөйсүң,

www.bizdin.kg

Капырсың отко табынган».
Калмак айтты ырасын:
«Баарың карап турасың.
Дин үйрөтүп өзүмө,
Бусурман мени кыласың.
Капырлыктан кайрайын,
Анан сөзүм айтайын.
Мурунтан күнөөм бар эле,
Ак динге кирип жатайын».
Келмеге тилин келтирип,
Бусурман кылып коюшту.
Кубанышып аскерлер,
Бир семиз тай союшту.
Калмак атын жоготуп,
Үсөн деп атын коюшту.
Үсөндү эми сайрады,
Түз жолго салып сайрады.
Кулак салып баатырлар,
Үсөндүн сөзүн байкады:
«Калмак кеткен бул жерден,
Кабар угуп силерден.
Сомбеде он беш калмак бар,
Бурканына жиберген.
Жүзгө жакын кемпир, чал,
Сомбедеги турган жан.
Он беш күн болду калмакты,
Баштап кетти Дөрбөл кан.
Манжым деген алпы бар,
Бүткүл калмак жалпы бар.
Жез түбүнө барды деп,
Угулуп турган калпы бар.
Бармак болсоң баатырлар,
Дал он күндө барасың.
Берки четте кара сай,
Шу жерден таап аласың.
Таап берем калмакты,
Мени кошуп аласың.
Мен да бирге барамын,
Эми кайда калайын.
Макул болсо туугандар,
Анык жолго салайын».
Үсөнгө бир ат беришти,
Сомбекке кирип келишти.
Ырас экен айтканы,
Баарын тегиз көрүштү.
Бурканда он беш калмакты,
Баарын тегиз кырышты.
Ниетин кабыл кылышты.
Кырк кулактуу казанын,

Талкан кылып чагышты.
Дөрбөл кандын ордого,
Ол күнү жатып тынышты.
Таң аткан соң алда деп,
Жабыла атка миништи.
Баары чогуу Үсөндүн,
Үйүнө тамам келишти,
Үсөн менен көрүштү.
Үсөн бир мал союптур,
Даяр кылып коюптур.
Тамактанып аскерлер,
Баары тегиз тоюптур.
Башчы кылып Үсөндү,
Алда деп атка минеди.
Жез түбүнө бет алып,
Энди эрлер жөнөдү.
Сегиз күн удаа жол жүрүп,
Кара тоого келеди.
Күндүк жерди көрсөткөн,
Бурамалап өзгөрткөн.
Эки көздүү чоң дүрбү,
Сууруп алды чөнтөктөн.
Алтындаган боосу бар,
Асыл таштан оозу бар.
Баяке менен Шабданды,
Ташкендин каны чакырткан.
Кудаяр кан чоң канаат,
Сураган Жантай баатырдан.
Ошол экөөн жибер деп,
Ошо кезде сарттарга,
Казак, кыргыз баш урган.
Баатырлар барган Ташкенге,
Кудаяр кан дегенге.
Ошондо болгон чоң уруш,
Баатырлык кылган эки нар.
Ташкенди камап жөө келген,
Канатка үлкөн доо келген.
Кырк күнү кызыл кан агып,
Кыйратып эрлер соо келген.
Камалды бузган Баяке,
Жеңип берген душманын,
Баяке, Шабдан бул экөө.
Бул экөөнүн эрлигин,
Экөө чапкан шерлигин,
Көз менен көрүп чоң Канат,
Көрсөткөн экен бектигин.
Кудаяр кан, чоң Канат,
Ошондо берген дүрбүнү,
Баатырларга сыяпат.

Баяке, баатыр Шабданга,
Дилде жабдык ат берген.
Коконго улук кылам деп,
Кудаяр кан кат берген.
Ошондой өткөн согушта,
Баяке, Шабдан эки эр,
Үйүнө аман да келген.
Бул сөздү мындай коёлу,
Баягы жерге баралы,
Дүрбүнү салып көрөлү.
Дүрбүнү салып караса,
Кара тоонун этеги,
Бетегелүү жер экен,
Ээрдей кайкы бел экен.
Аттарын отко коюшуп,
Тамактанып тоюшуп.
Дүрбүнү алып эр Шабдан,
Басып чыкты дөбөгө,
Жерди артып көрмөккө.
Жондоо жерден эл көрдү,
Аскерлерин бөлмөккө.
Көзүнө кармап дүрбүсүн,
Кара тоону карады.
Жүргөн экен бир топ жан,
Канча экенин санады,
Он беш калмак аң уулап,
Жүргөн экен тамамы.
Андан мындай караса,
Түштүк жерде жанаша,
Анча бийик тоо эмес,
Кара тоонун алаасы.
Көрүнүп турат кара сай,
Баш, аягы малга жай.
Атаңа наалат калмактын,
Элинен да жери бай.
Жайылып жаткан мал көрдү,
Караан-куран жан көрдү.
Андан ары караса,
Калың үйдөй шаң көрдү.
Жерине карап көз салды,
Жакшысына таң калды.
Не бир жакшы жерлерди,
Көрүп баатыр таңданды.
Көлчүк, көлчүк сазы бар,
Өрдөк менен казы бар.
Эчки, теке жүрүүчү,
Арсак зоока ташы бар.
Көк кашка тунук көлү бар,
Көз тайгылган чөлү бар,

www.bizdin.kg

Көлдүн үстү көрүнбөйт,
Ар бир түрдүү жаныбар.
Кошо жүрөт куркулдап,
Балапаны чыркылдап,
Баладай болгон балыктар,
Ойноп жүрөт жылтылдап.
Топ-топ болуп ойношуп,
Куланы жүрөт чөлүндө.
Бакасы чардап ичинде,
Кундузу жүрөт көлүндө.
Аркары койдой жайылат,
Адыр, адыр белинде.
Сорок ташка жамынып,
Түлкүсү жүрөт жайылып.
Сүлөөсүн менен суусары
Көрүнөт көзгө чалынып.
Карагай, кайың, тал чыккан,
Не бир жакшы аралы.
Жайылып жүрөт ичинде,
Бугу менен маралы.
Уккан аңдын баары бар,
Баары тегиз саналуу.
Балапандап жаныбар,
Куш олтурат бутакта.
Туйгун, тунжур аралаш,
Жыш олтурат бутакта.
Ителги, шумкар, кыргыйлар
Батпай жүрөт бир жакта.
Жез төбөнүн ар жагы,
Адыр, адыр чөл экен,
Кайкып жаткан эл экен.
Түпкүлүктүү калмактын
Мекен кылган жери экен.
Баарын көрдү баатырың,
Болжоп алсын жакынын.
Төрт жолдошу жанына
Басып барды акырын.
Дүрбүнүн көзүн оңдошуп,
Бурамасын толгошуп,
Кезек-кезек сурашып,
Баары көрдү болжошуп.
Баарын көрүп таң калып,
Жүрмөк болуп камданып.
Аскерлердин баарына,
Аттангын деп, жар салып.
Аскер атка миништи,
Алда деп жолго киришти.
Көрүнгөн он беш калмакка,
Алдынан тосуп жүрүштү.

Алдынан тосуп аларын
Кара тоого камады.
Куткарбастан калмакты,
Тегеректеп кармады.
Он бешин кармап олтуруп,
Ортого баарын келтирип,
Туу кандашып көйкашка
Абийрин жаман кетирип.
Бирөө качып кутулду,
Бийик үлкөн тоо экен,
Жөө качып кутулду.
Кеткен калмак соңунан,
Энди эрлер умтулду.
Токтолбостон жүрөдү,
Акырын жүрбөй чуу деди.
Эл карaанын көргөн соң,
Эрлер кызып келеди.
Куптан маалы болгондо,
Асманга жылдыз толгондо,
Отун көрүп калмактын,
Эми эрлер оңдонду,
Калмактын отун көрөдү,
Күймөчүсүн бөлөдү.
Баяке, Шабдан, Манапбай
Чалгынчыга жөнөдү.
Салып жетти үч баатыр,
Жаткан экен көп капыр.
Кара-Сайдын ичинде,
Толуп жаткан мал жатыр.
Баарын көрүп алышты,
Төгөрөктөп чалышты.
Кирер жолун болжолдоп,
Эми кайра салышты.
Күймөчүгө келишти,
Элди эки бөлүштү.
Күймөчүнү иреттеп,
Кош колоңду беришти.
Элүүсү калды бөлүнүп,
Күймөчү болуп көрүнүп.
Алтымышы жөнөдү,
Өңкөй баатыр желигип.
Ат куйругун түйүшүп,
Аттарына минишип.
Белгиленип баатырлар,
Ак кийим тыштан кийишип,
Жөнөп калды көйкашка,
Калмакты көздөй жүрүшүп.
Баягы көргөн Кара-Сай,
Аягынан киришип.

Карсылдатып жылкыны,
Бир четинен тийишип.
Добулбасты кагышып,
Кызыл канды агызып.
Кыйкырыкты салышып,
Кылчаңдашып өңкөй эр,
Бир-бирине багышып.
Жа алда деп бакырып,
Атакелеп уранын,
Баарын айтып чакырып.
Ботбай келет алдында,
Анда-санда айкырып.
Калмактарды ыйлатып,
Азоолорун туйлатып.
Тийип чыкты жылкыны,
Кашааларын кыйратып.
Баары тегиз бай экен,
Алты, жети камоодо
Бир миң жылкы бар экен,
Кара-Сайда мал багып,
Жалпы жаткан жан экен.
Жалгыз жылкы калтырбай,
Алып барат эрлериң.
Алды-артын жылкынын
Чалып барат эрлериң.
Бириндеген калмакты
Айбалта менен башына
Салып барат эрлериң.
Такалуудан тай койбой,
Такыр чапты калмакты.
Издеп келип баатырлар,
Акыры тапты калмакты.
Колдо кызыл туулары,
Көбөйдү калмак чуулары.
Жыйылышып калмактар,
Баатырларды кууганы.
Калмактын чуусун укканы,
Айылдан узап чыкканы.
Айтылуу маалим беш баатыр,
Калмакты тосуп букканы.
Айдай бер деп жылкыны,
Аттын башын бурганы.
Баяке, Шабдан, Манапбай,
Каракесек, чоң Ботбай,
Көзөп карап турганы.
Жаасын атып жабырлап,
Сайдын ичи кыбырлап.
Аттуу, жөөлүү болушуп,
Келе жатыр дүбүрлөп.

Тосуп турган беш баатыр,
Качырууга камданып,
Чуулдаган калмакка,
Ачуу келип чамданып.
Беш баатырга жакындап,
Кирип келди дабырдап,
Калмак жакын келген соң,
Эми эрлер турабы
Ат үстүнө минген соң,
Ат куйругун түйөдү,
Алда деп атка минели.
Келе жаткан калмакка,
Каршы чаап жөнөдү.
Тизе кошуп беш баатыр,
Ак бараңды бир атып,
Бетине келген калмакты,
Найза менен кулатып.
Аралап кирди беш баатыр,
Кылыч менен сулатып.
Көп-азына карабай,
Өлөбүз деп санабай,
Кайра качты калмактар
Урушууга жарабай.
Аралашып баатырлар,
Өлтүргөн окшойт бир далай.
Ызгаарына чыдабай,
Көрүп калмак ыгышты.
Кой айдаган карышкырдай,
Короосуна тыгышты.
Кызыл ала кан кылып,
Кыйратып эрлер чыгышты.
Кайра тартып жөнөдү,
Аскерлердин артынан
Салып жетип келеди.
Эртеси калмак келер деп,
Баатырлар болжоп биледи.
Ичинен отуз кишиге,
Жылкыларын айдатты,
Баякы кайкы бел менен.
Тосуп калды калмакты,
Дүрбү салган жер менен.
Тосуп жатсын баатырлар,
Калмак не боп жатырлар.
Отуз калмак өлүптүр,
Кырк калмагы жаралуу,
Чогулушуп сүйлөшүп,
Андан эсен калганы.
Кош ат менен чаптырды,
Дөрбөл деген улукка,

www.bizdin.kg

Барып кабар салганы.
Дөрбөл деген бала экен,
Өзү баатыр неме экен.
Өз алдынча бу калмак,
Калмакка үлкөн бел экен.
Угуп кабар жулкунуп,
Ачуу келип кыйкырып,
Жолдо жечү азыгын,
Түн боюнча алдырып.
Тамактары бышкынча,
Бар аскерин жыйдырып.
Беш жүз аскер жыйылды,
Бурканына сыйынды.
Дөрбөл кандын бул иши,
Ойлойсуңар кыйынды.
Таш сайынып башына,
Манжым деген балбанын,
Чакырып алып кашына:
«Манжым балбан сен элең,
Дөрбөл каның мен элем.
Муруттардын баатырынан,
Кайсы жерде кем элең.
Кантип чыдап турабыз,
Текеске чейин кубайын.
Дөөгүрсүп келген мурутту,
Башына кыргын кылайын.
Не дейсиң Манжым, баатырым,
Тапчы мунун акылын.
Биринчи баатыр жолдошум,
Жок эди сенден жакыным».
Сүйлөдү шундай Манжым эй:
«Капаланба, каным эй.
Душман узап кетпесин,
Кубалы, каным көп турбай.
Миң да болсо кырайын,
Жалгызын койбой жанын эй,
Буркандарым жар болсо,
Муруттун сыры маалым эй».
Манжым баатыр сүйлөнүп,
Ачуу келип күүлөнүп.
Кара кашка качырын,
Минип алды сүйрөлүп.
Үч кулачтай чачы бар,
Тогуз карыш казандай,
Бу калмактын башы бар.
Узундугу дал төрт кез,
Отуз чамал жашы бар.
Он качырга кош артып,
Азык-түлүк мол артып,

www.bizdin.kg

Аскерлерин жөнөттү,
Душманды көздөй жол тартып,
Жайылып калган калмакка,
Түн боюнча келеди.
Жарадар менен өлгөндү,
Дөрбөл каны көрөдү.
Таң аткан соң Дөрбөл кан,
Аскерлерин жыйнады.
Бириң калбай жүргүн деп,
Калмактарды кыйнады.
Өлүктү көрүп Дөрбөл кан,
Жаман катуу ыйлады.
Менменсиген жигиттен,
Тандап алды тобунан.
Түштү эми калмактар,
Баатырлардын соңунан.
Көргөн адам корккондой,
Манжым алптын жонкунан,
Тогуз жүздөй аскер мен,
Жүрүп кетип баратат.
Бир шойкуңдун болорун,
Билип кетип баратат.
Көп жылкынын соңунан,
Kууп жетип баратат.
Жүрө берсин жол менен,
Тогуз жүздөй кол менен.
Энди сөздү эшиткин,
Тосуп жаткан эрлерден.
Калмакты алган жеринен,
Кара тоонун белинен.
Арттан келген куугунду,
Түштө келе чененен.
Сайып куран шерлерин,
Тосуп калган эрлерин.
Минген атын жайдактап,
Кургатышып терлерин.
Кароолчуну коюшуп,
Бир семиз тай союшуп.
Жан казанга салышып,
Этке мыктап тоюшуп.
Эсин жыйып тынышып,
Кароолдошуп чалышып.
Эми калмак келбес деп,
Каткырыкты салышып,
Жаткан экен өң мыкты.
Түшкө жакын болгондо,
Буудак-буудак чаң чыкты,
Каткырык салган баатырлар,
Көрүп чоочуп камыкты.

Баатыр Шабдан, Баяке
Кайрат айтты бул экөө:
«Коркпогула, балалар,
Ар ким өзүн чамалар.
Кудай берсе бул жоону,
Азын, көбүн ким санар.
Шейит болсок капырдан,
Сегиз, беши ол да бар.
Туулган соң өлмөк бар,
Мындай өлүм ким табар.
Ата-бабаң илгертен,
Салып жүргөн жол ушул.
Мындай нече жоолорду,
Ала жүргөн кол ушул.
Биз кайындап барганбыз,
Талас деген жерине,
Кушчу, саруу элине.
Өргүн келди бир далай,
Кең Чаткалдын белине.
Тосуп чыктык бетинен,
Өргүгөн элдин четинен.
Беш жүз сарттын аскери,
Келаткан экен артынан.
Он эки киши жолдошум,
Алда таала оңдосун.
Келаткан сарттын алдынан,
Тосуп чыктык түнкүсүн.
Өргүгөн эл да токтоду,
Биз токтодук ортого,
Баяке, Шабдан эгиз эр,
Беш жүз сарттан коркобу.
Сарттар көрдү биздерде,
Бизден о да сезгенди».
Жекеге чыгып бир сарты,
Баякеге кез келди.
Ыргыта сайып Баяке,
Атын коштоп тез келди.
Боз аргымак мингени,
Үстүнө соот кийгени.
Аскеринен бөлүнүп,
Бизди көздөй жүргөнү.
Добулбасын байланып,
Чыкты бир сарт камданып.
Аскеринен бөлүнүп,
Бастырып чыкты чайкалып.
Мылтык алып октоду,
Атмак болуп токтоду.
Мылтыкты көрсө өөрчүгөн,
Баатыр Шабдан коркобу.

Окко чапты дуулдап,
Карап турат көп кыргыз,
Жа кудайлап чуулдап.
Жакындап Шабдан жеткенде,
Огу кетти зырылдап.
Найза тийип өпкөгө,
Жаны чыкты чырылдап.
Артынан жетти Баяке,
Тууну көздөй ат койду,
Эки баатыр бул экөө.
Эки эрдин түрүн көргөн соң,
Сарт ыктады жекеге.
Жолдогу сартка карабай,
Киши экен деп санабай,
Тууну сайды сапырып,
Койго тийген карышкырдай,
Сарт аскерин качырып.
Көргөндөн соң көп кыргыз,
Каптап кетти басынтып.
Сарымсак датка бар экен,
Алтымыш беште кары экен.
Баштан сыймык кетпеген,
Олуя чалыш жан экен.
Дилдебайдын аргымак,
Сарттар сатып алышып,
Сарымсак датка алдына,
Жетелешип барышып.
Баяке, Шабдан эки эр,
Даткадан бата алышып.
Ыйлап туруп Сарымсак,
Консун деп балдар ар убак,
Чындап берген батасын,
Ошондон кийин конгон бак.
«Өлүмү, балдар, убагым,
Ыйман болсо кашымда,
Баатыр Шабдан жообум.
Каракесек, Манапбай,
Балбан Ботбай тынарым.
Келаткан бетбак калмакты,
Ташын талкан кыларым.
Алла таалам жар болсо,
Арбактар азыр колдосо,
Буюм эмес мындай жоо,
Кудай ишти оңдосо»
Деп, Баяке сайрады,
Балдардын көңүлүн жайлады.
Кайраттанып жигиттер,
Жоо жарагын шайлады.
Эми Баякең кеп айтат,

Баары аскерге бек айтат.
Жаратканга сыйынып:
«Кайрат кыл, эрлер, деп айтат,
Ат куйругун түйгүлө,
Алда деп атка мингиле.
Аралашсак калмакка,
Чогууңду жазбай жүргүлө.
Белди бекем буушуп,
Сайыша тууган күн болду,
Кыяматтын жолуна,
Барыша тууган күн болду.
Калмактарга кыйрашып,
Алыша тууган күн болду.
Абийирдүү жигитке,
Арбак конор күн болду.
Ажалыбыз жеткенге,
Шейит болор күн болду.
Өлүмдөн аман калганга,
Үйгө аман барганга,
Барсаң элге салам де,
Билдик дүйнө салганын.
Кудай билет нукусун,
Билгени куран окусун.
Мойнубузга карыз кылбай,
Окуп кечсин акысын.
Көрүнгөн чаң жакындап,
Минген атын такымдап,
Алдында окчун бир караан,
Келе жатыр закымдап.
Булгарыдан кабы бар,
Бурамалуу сайы бар.
Баатыр Шабдан жанында,
Чоң дүрбүсү дагы бар.
Суурул алды жанынан,
Акырын алып кабынан,
Салып калды дүрбүнү,
Калмактын келер жагынан.
Чоң дүрбүнү салды эле,
Анык көрүп алды эле.
Баш, аягын болжолдоп,
Баарын тегиз чалды эле.
Ак асаба, кызыл туу,
Алды, арты ызы-чуу.
Келе жатыр көп калмак,
Ортосунда үлкөн дөө.
Таш сайынган башына,
Калмактардын ичинен,
Дөрбөл канды тааныды.
Толукшуган башында,

www.bizdin.kg

Өзү толук кан экен,
Канга ылайык бала экен.
Калкан, соот, чопкуту
Баары тегиз шай экен.
Баякы жалгыз караанга,
Келе жаткан бараанга,
Энди салды дүрбүнү,
Динсиз бетбак нааданга.
Өзү бир чоң капырың,
Минип алган качырын.
Келе жатыр сүйрөлүп,
Манжым деген баатырың.
Жараткан алда сактасын,
Ушул иштин акырын.
Сүйлөйт Шабдан баатырың,
Кашындагы эрлерге.
Түшүнө буруп акылын,
Эчтемеден жоочу жок,
Келатат Манжым баатырың.
Туусун тигип көрүнөө,
Ээрдей кайкы белеске.
Келе жаткан калмактар,
Тууну көрүп токтоду.
Бар аскерин жоктоду.
Карама-каршы калмактар,
Туусун тигип орноду.
Кара кызыл аты бар,
Эрге ылайык заты бар.
Жекеге чыкты бир калмак,
Балбанга окшош наркы бар.
Башына кийип туулгасын,
Үстүнө кийип соотун,
Чыгып турду каркыбар.
Мусулмандар шаңданып,
Булар да турат камданып.
Уруксат сурап аскерден,
Баяке турат таптанып.
Дин жолунда баш берген,
Мындай эчен жоолорду,
Ала жүргөн ар жерден.
Жөнөдү, Бакең, жөнөдү,
Каркара төрө аты мен.
Үч кулачтай сыр найза,
Калмакты көздөй жиберди.
Калмак ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Өлөр жери калмактын,
Өлчү өпкө тушу деп,
Коюп өттү калмакты.

Ичегисин чубалтып,
Союп өттү калмакты.
Калмак аттан кулады,
Мусулмандар кудайлап,
Кубанышып турады.
Калмактын атын жетелеп,
Атынын башын береди,
Калктын баары көрөдү,
Кайра жетип келеди.
Соога деди Андаш кан
Атын ага береди.
Көрүп Манжым күүлөнүп,
Ачуу келип сүйлөнүп.
Мен барам деп ордунан,
Турду бетбак сүйрөлүп.
Манжым чыкты бакырып,
Жолдошторун чакырып.
Жоо жарагым келтир деп,
Аскерине айкырып.
Кара кашка качырын,
Минди Манжым баатырың.
Урушар майдан жерине,
Келди бетбак капырың.
Көрүп Ботбай камданып,
Жаа алда деп аттанып.
Алгыр кара бүркүттөй,
Ачуу келип чамданып.
Чарайна, калкан, соотун
Кийип алды шаттанып.
Жөнөп калды Ботокең,
Жолдоштордон бата алып.
Ботбайды көрүп Манжым эр,
Бир-бирине бет алып.
Жакындашты эки шер,
Качырышып эки дөө.
Коюшуп өттү кочкордой,
Үзүлүп түштү найзасы,
Экөө тең козголбой.
Кылычты колго алышып,
Кыя тартып салышып.
Чааптыр шыбай кылычты,
Калкан тосуп калышып,
Кылычты кынга салышып,
Күмүш саптуу айбалта
Жалкыны карыш чоң балта.
Жарым буттай курчу бар,
Кара уста кылган сом балта.
Оңдоп колго алышып,
Оңколошуп барышып.

www.bizdin.kg

Так төбөнү болжошуп,
Даң дедире салышып.
Уңгусунан үзүлүп,
Сабы колдо калышып.
Теминишип барышып,
Жакалашып эки дөө,
Ат үстүнөн алышып.
Экөөнүн күчү пар болуп,
Жүргөн жери чаң болуп.
Карап турган эки кол,
Эки дөөгө таң болуп.
Эр Баяке кеп айтат,
Бул аскердин баштыгы,
Баатыр Шабдан деп айтат.
Кысылган жерде кыйбаган,
Кысылтып карап турбаган.
Шаштырып койду Ботбайды,
Уруксат бергин сен маган,
Уруксат берсең барайын.
Баатырсыган Манжымды,
Өпкөгө далдап саяйын.
Өлмөккө орток жолдошту,
Ажыратып алайын.
Эми карап турбайлы,
Аттын башын бурайлы.
Асыл жолборс Ботбайды,
Аңдабай окус кылбайлы.
Шабдан баатыр кеп айтат,
Жүйөөсүн таап эп айтат.
«Сактап турган Ботбайды,
Жараткан алда деп айтат.
Ант ообай ат жүгүрбөйт,
Жараткан жалгыз алдадан
Бусулман бенде түңүлбөйт.
Мурун калмак козголсун,
Анан ишиң оңолот».
Карап турат барча жан,
Чыкмак болду Дөрбөөл кан.
Эки дөөгө карабай,
Ирети жок бул айбан.
Зор аргымак токунуп,
Бурканына чокунуп,
Минди атка шайланып,
Добулбасын байланып.
Алтын жаа, сыр жебе,
Келди колго карманып.
Зоот кийип үстүнө,
Чарайна байлап белине,
Бирөөң кайра качпа деп,

Акыл айтып элине.
Аскеринен бөлүнүп,
Баатырың чыкты көрүнөө.
Калмактын каны чыккан соң,
Эр Шабдан карап турабы,
Андай жоону көргөндө.
Баатырың моюн бурабы,
Намаз бешим окуду,
Зор Куланы токуду.
Жалпы аскер кошуну,
Минди атка алда деп,
Атаке баатыр колдо деп.
Эр Таштанбек, Аргынбай
Колдогун ушу жолу деп.
Сыйынганы бир кудай,
Топ атасы чоң Тынай.
Бул жаныбар зор Кула,
Жүгүргөнү куюндай.
Атка минди эр Шабдан,
Эрдиги ашкан тири жандан.
Алдындагы зор Кула,
Анык тулпар айбандан.
Атка минип токтоду,
Ак бараңды октоду.
Оңдоп алып ок салып,
Калмакты көздөй бир атып,
Зор Куланы чуратып,
Колундагы сыр найза,
Дөрбөөлдү көздөп узатып.
Кетип барат зыркырап,
Этек-жеңи дыркырап.
Туяктан учкан кара таш
Түндүк бою чыркырап.
Тосуп турган Дөрбөөл кан,
А да өзүнчө мыкты жан.
Алтын жаа, сыр жебе,
Алды колго бул айбан.
Баарың жалпы жаа тарт деп,
Жарлык кылды капырга.
Кыя салып оңдонуп,
Жаасын тартты баатырга.
Жаанын огу дырылдап,
Өтүп чыкты баатырдын,
Оң ийнинен зырылдап.
Баяке келет такымдап,
Алышып жаткан дөөлөргө,
Келди Бакең жакындап.
Мизи болот айбалта,
Желкесине Манжымды,

Салып кетти макулдап.
Манжым аттан кулады,
Найза алып Дөрбөөл кан,
Каршы карап турады.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жабыла калмак каптады.
Калың жаанын огунан,
Бакеңди кудай сактады.
Шабдан жетти Дөрбөөлгө,
Качырышып сайышты.
Бири бирин көргөнгө.
Бүткүл калмак жабылды,
Манжым баатыр өлгөнгө.
Баатырлары майышып,
Дөрбөөл менен эр Шабдан,
Аянышпай сайышып.
Жүрөктө болот чарайна,
Найзанын учу тайышып,
Аянышпай коюшуп,
Кызыл ала болушуп,
Өтүшүп кетип эки жан,
Кайра тартып турушуп.
Кайраты келип эр Шабдан,
Найзаны мыктап кармады,
Алданын болуп жардамы.
Кекиртекке болжолдоп,
Жазбай баатыр сайганы.
Чалкасынан кеткенде,
Кылыч менен кайсады.
Кара болот колго алып,
Өзү чапты моюнун,
Эми көргүн баатырдын,
Аскерге кирген оюнун.
Урду эми Дөрбөөлдү,
Бүткүл калмак жабылды,
Жолдоштору не кылды.
Каптаган калың калмакка,
Кирген экен Баяке.
Карсылдашып ичинде
Жүргөн экен Баяке.
Каракесек, Манапбай
Жеткен экен бул экөө.
Эсин жыйып эр Ботбай,
Бу да кирди четинен.
Жетимиш жигит көйкашка,
Булар кирди артынан.
Аралашып беш баатыр,
Бир бирине кошулду.
Бетиндеги калмактын,

Каны суудай жошулду.
Намаз дигер маалында,
Теңдеп калмак түзөлдү.
Колу сынып кокуйлап,
Туруп жаткан мындан көп.
Буту сынып өбөктөп,
Ооп жаткан мындан көп.
Кылыч тийип мойнуна,
Кыйрап жаткан андан көп.
Айбалта тийип башына,
Ыйлап жаткан андан көп.
Найза тийип өпкөгө,
Өлүп жаткан андан көп.
Өлүмүш болуп амалдап,
Көрүп жаткан андан көп.
Аянышпай беш баатыр,
Катуу уруш кылышты.
Качмак болду калмактар,
Тосоң көздөй жылышты.
Каркыра төрө зор Кула,
Шамалдай учат дырылдап,
Күүгүм кире, күн бата,
Качмак болду чуркурап.
Туу кармаган калмакты,
Манапбай сайып өткөнү.
Каракесек жеткени,
Туу түбүндө калмакты,
Эки баатыр беттеди.
Каракесек калмактын,
Туусун алды колуна.
Калмак качты бет алып,
Өзүнүн келген жолуна.
Жетимиш жигит көйкашка,
Түштү калмактардын соңуна.
Тизе кошуп беш баатыр,
Сайып барат калмакты.
Аты-тонун олжолоп,
Алып барат калмакты.
Калмак качты кайрылбай,
Отуз мерген мылтыкты
Атып барат жамгырдай.
Көзөмөлдөп көй кашка,
Бир биринен айрылбай.
Түн кирген соң токтоду,
Бар аскерин жоктоду.
Адашканы бар болсо,
Түшкөн жерин болжолу.
Болжол жерге барганы,
Бар эсебин алганы.

www.bizdin.kg

Он бири жок аскерден,
Жок болуп келбей калганы.
Ал түнү эрлер тынч жатты,
Бир аздан соң таң атты.
Атка минип аскерлер,
Жарлык айтып ойготту.
Жалпы атка миништи,
Өлүктөргө келишти.
Аралап жүрүп ашыкпай,
Аныктап абдан көрүштү.
Алтоо тирүү табылды,
Жаралуу болуп калыптыр,
Бешөө шейит болуптур.
Мындай өлгөн урушта,
Анчалык болбой нагыптыр.
Шейиттерин көрүштү,
Жаназалап көмүштү.
Калмактардын ат, тонун,
Олжо кылып бөлүштү.
Жүз ат болду бөлгөнү,
Эсеби жок өлгөнү.
Жүгү менен он качыр,
Көйкашкалар көргөнү.
Азык арткан он качыр,
Муну да алды он баатыр.
Тон тоноосу бир башка,
Ал олжосу көп жатыр.
Баарын жыйып алышып,
Акжолтой белге барышып.
Дүңгүрөп эрлер жөнөдү,
Эми жолго салышып.
Тандалып чыккан тобунан,
Жылдыз тууп оңунан.
Шарактап эрлер жөнөдү,
Кеткен жылкы соңунан.
Эки күн тынбай жүрүштү,
Үчүнчү күн болгондо,
Карaанын эми көрүштү.
Сүйүнчүгө чаптырып,
Үч кишини бөлүштү.
Үчөө кетти жарышып,
Өңкөй күлүк мингени.
Тизгинге колу карышып,
Сүйүнчү деп эрлерге,
Салып жетип барышып.
Сүйүнүшүп отуз эр,
Ак боз бээ чалышып.
Этин абдан бышырып,
Сүйүнгөндөн кудайлап,

Алдынан тосуп барышып,
Баатырларды көрүштү.
Эки көздөн жаш агып,
Ыйлап салам беришип,
Аттан түшүп келишип,
Кучакташып көрүшүп.
Баары бирдей кубанып,
Эки-экиден болушуп,
Атка минди айрылып,
Беши өлгөнгө кайгырып,
Калганы аман кошулуп,
Көңүлдөрүн жай кылып.
Жылкыга баары келгени,
Аман-эсен көргөнү.
Казы, карта, жаяны,
Баатырларга бергени.
Нечен күнү ач жүргөн,
Тамакты абдан жегени,
Кудайга шүгүр дегени.
Тамактанып тоюшуп,
Ал жерге өрүү болушуп.
Калмактын билип келбесин,
Жатып калды конушуп.
Таң аткан соң жөнөдү,
Ар ишке бенде көнөдү.
Сегиз күнү жол жүрүп,
Жылдызга кайтып келеди.
Жүрүп келет эрлериң,
Жолу болгон шерлериң.
Токтотуп салып жылкыны,
Ошондо чечти белдерин.
Жылдыз деген тегиз сай,
Баш аягы малга жай.
Жатыш калды көйкашка,
Тилегин берип бир кудай.
Эки күн өрүү болушуп,
Жатып калды оңушуп.
Кош башына бир тайдан,
Тандап кармап союшуп.
Кароол коюп баатырлар,
Алды-артын чалышып.
Эс алдырып аскерди,
Эки күнү жатышып.
Балбайга жигит жиберип,
Сүйүнчүгө чаптырып.
Эми эрлер жөнөдү,
Текеске кирип келеди.
Сүйүнчү барган азамат,
Балбайга кабар береди.

Балбай угуп кубанып,
Аксарбашыл мал чалып.
Уккан соң чыдап туралбай,
Тосуп чыкты камданып.
Бирин бири көрүшүп,
Жакындашып келишип.
Кучакташып ыйлашып,
Коргошундай эришип.
Эми Балбай баштады,
Жылкыны артка таштады.
Баатырларды ээрчитип,
Көтөргөн үйгө түшүртүп,
Башына мамык жастады,
Түштүгүнө тай союп,
Самоорун үзбөй чай коюп,
Кымызды чайкап чаначка,
Баарын жайып таштады.
Ачыккан аскер куп тоюп,
Конокту күтүп жаткырып,
Жакшы сыйлап бактырып.
Бир жигитти эр Балбай,
Кан Жантайга чаптырып.
Парасатын көрөдү,
Олжосун Балбай бөлөдү.
Балбайга берип жүз жылкы,
Эми эрлер жөнөдү.
Тыныстам баштык онуна,
Жүз жылкы берди тобуна.
Элүү жылкы беришти,
Соогатчы башка бугуга.
Кырк жылкы артык беришти,
Калмактан өлгөн кунуна.
Сегиз жүз жылкы, он качыр,
Жөнөдү айдап өң баатыр.
Текес менен Чүйдүн ортосу,
Бир шыпыра жол жатыр.
Бет алып жүрдү элине,
Эки Кемин жерине.
Үч күнү тынбай жол жүрүп,
Келди Текес белине.
Караколдун жанынан,
Ашып түштү Күлөнү.
Ысык-Көлдү жакалап,
Тору-Айгырга келишти,
Сары-Камышты бакалап.
Көт-Малдыга келишти,
Олжолорун бөлүштү.
Алдынан тоскон тынайлар,
Ошо жерде көрүштү.

www.bizdin.kg

Киши башы бир жылкы,
Келгенине беришти.
Бир жүз жылкы чыгарды,
Кан Жантайга ыйгарды.
Чаап келип калмактын,
Таркатты эрлер кумарды.
Айдап кел деп жылкыны,
Бөлүнүп эрлер жөнөдү.
Бешимде жетип келеди,
Жантай баатыр алдына,
Келип салам береди.
Алда тилек берген соң,
Аман-эсен көргөн соң,
Көп мал союп той кылды,
Балдары аман келген соң.
Көйкашкалар тарады,
Үйлөрүнө барады.
Чаап келип калмакты,
Жыргап жатып калады.
Тамам кылып коеюн,
Беш баатырдын кысасын.

www.bizdin.kg

# МАЗМУНУ

ШАБДАН КӨРКӨМ МУРАСТА....................................................................................................5
ШАБДАН КАЗАЛЫ (Ж. ЧАГАТАЕВДИН ВАРИАНТЫНДА) ...........................................................17

*Адабий-көркөм басылыш*
«Эл адабияты» сериясы

**АЛП ТОБООК**
**ШАБДАН КАЗАЛЫ**
**ЖЕТИ ЭРДИН ӨЛҮМҮ**

18-том

Түзгөндөр: *А. Акматалиев. К. Кырбашее, Н. Өмүрзакова*
Көркөмдөгөн сүрөтчүсү *Р. А. Исаков*

Басманын башкы редактору *К. Ишимканов*
Редактору *С. Айткулова*
Сүрөт редактору *И. Васильев*
Техн. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *Р. Сакелова*

ИБ № 997
Терүүгө 18.07.02. берилди. Басууга 26.09.02. кол коюлду. Кагаздын форматы $84 \times 108^1/_{32}$. Көлөмү 17,5 физ. басма табак, 10,92 шарттуу басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 2106. Келишимдик баа.
«Шам» басмасы
Т. Суванбердиев атындагы «Кыргызполиграфкомбинат» акционердик коому
720005, Бишкек ш., Суванбердиев көчөсү, 102.